
М. Жангазиев

# Өмүр гүлүм



*Муса Жангазиев*

# Өмүр гүлүм

ЫРЛАР

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1980

84 Ки 7
Ж 27

$Ж \frac{70403-18}{М\ 451\ (17)-80}$ 175. 80. 4702280200

© «Кыргызстан» басмасы, 1980-ж.

# ЫРЛАР

## СИЛЕРСИҢЕР

Карыялар силерге тилейм дайым,
Ырысы кең, ыры шаңдуу шаттыкты.
Таяк бербей түз бастырган көчөгө
Кан жүгүрткөн жүрөктөгү жаштыкты.

Силерсиңер бизге курган турмушту,
Силерсиңер жоонун жолун торогон.
Силерсиңер төшкө таккан жылдызды
Өмүрүңөр өлкөм үчүн корогон.

Биз силерден үйрөнөбүз далайды,
Биз силерден үлгү алып жатабыз.
Байбичелер — бапестеген энебиз,
Карыялар — кадырлаган атабыз.

## БАЛА

Нан жесем да эсимде,
Бал жесем да эсимде.
Көз алдымда көлөкөң
Жүрөгүмдө, сезимде.

Ыр жазганда башымда,
Турган сымак кашымда.
Ойногону көзүмдө
Ойлор келет чачылма.

Уктап калсам түшүмдө,
Иштеп калсам күчүмдө.
Баладан кымбат нерсе жок
Баа жеткис жердин жүзүндө.

## АЯЛДАР

Аялдар — күндүн илеби,
Аялдар — элдин тилеги.
Аял — жаз, аял — турмушум
Аялсыз адам чөнөлүү.

Аялда — гүлдүн жыпары
Аялдын ысык кучагы.
Баарынан жакын аялым
Аялсыз адам кусалуу.

Аялдар адамдын бактысы,
Аялдар мекендин ачкычы.
Аялдар баланын энеси
Аялдар турмуш сакчысы.

Аялдар — жердин гүлдөрү,
Аялдар — элдин сүйгөнү.
Адашпас адам болсоң да
Аялсыз жашоо дүйнөбү?

## ЖАКШЫЛЫК

Адамдарга тилегеним жакшылык,
Кетпесе экен терсаяктар азгырып.
Колдон келсе кокую көп «чөө башты»,
Коёр элем жолдо жаткан таш кылып.

Иштегеним түшүнгөнгө жакшылык,
Тигем дайым жерде жатса бак сынып.
Акылманды адамдарга баш кылып,
Бул турмушта сайрандасын жакшылык.

## ОКУЙ БЕРЕМ, ҮЙРӨНӨМ

Окуп алып Лениндин китебин,
Жүрөгүмө бермет сымак тиземин.
Канат байлап, акыл кошуп акылга,
Тунук булак илиминде сүзөмүн.
Өткөн өмүр, келечегим көрүнүп,
Ишимдеги кемчиликти түзөдүм.
Сабак алган акылмандар, адамдар
Данекери — бүткүл элдик ишеним.

Карай берип Лениндин жазганын,
Жарык кылган жаңылыкты ачканмын.
Көзүм менен, ишим менен көргөнмүн
Улуу таңдын эмгекчи үчүн атканын.
Октябрдын кызыл туусун көтөрүп,
Алтымыш жыл ошол жолдо басканмын.
Күрөш күчөп, жаңы турмуш жаралып
Социализм көпүрөсүн аттадым.

Лениндин жолу менен барамын,
Коммунизм барактарын карадым.
Кылымдардан тилек кылган бак таалай,

Колго тийди күн күлүңдөп заманым,
Кайда болсо, качан болсо көрүп ал
Советтердин Лениндик адамын.
Керегимде окуй берем, үйрөнөм,
Акылмандан акылга азык аламын.

## ӨМҮР ГҮЛҮМ

Жаштыгым бир өзүмдөн кеткиси жок,
Жигиттиктин сабынан өткүсү жок.
Жаштыгым жазым менен кол кармашып
Карылыктын келгенин сезгиси жок.

Гүл жазым кызыл, кызгылт, жашыл бойдон,
Өзгөртпөй өмүрүмө кошуп койгом.
Өтпө деп алтымышка чыкмайынча
Карылыктын каат жолун тосуп койгом.

Жаштыгым эки көздө, жүрөгүмдө,
Эмгекчил эпчил колдо, билегимде.
Өзгөрбөй өнүгө бер өмүр гүлүм
Сураса мени менен жүрөмүн де.

## АЛМАТЫНЫН БАШЫНДА

Казактардын Көк Дөбө, кызык дөбө,
Чыйрыкканды жылыткан ысык дөбө.
Мейман келсе колунан бек кармаган
Өз ишине берилген бышык дөбө.

Алматынын башында ушул дөбө,
Жаз башында карасам кызыл дөбө.
Жолуңду күндө үч убак тазалаган
Жаадырап күлүмсүрөйт жамгыр төгө.

Ак өргөө келинге окшойт сүйгөн жарым,
Барсаңыз барыктайт ал көрөт камын.
Көк Дөбө өзүнчө бир кызык дөбө
Ошондон кетпөөчүдөй жаштык жалын.

## КУРДАШТАРЫМ

Бирге өскөн бирге жүргөн курдаштарым,
Досторум тилектештер, каным-жаным.
Чогултуп мен үйүмө чакырсам дейм
Теңтуштар бала кезде жүргөн баарын.

Тилегим ашты ишке — жаңы үй алдым,
Баарына кат жазууга даярдандым.
Көбү жок ок ичинде ажал тапкан
Согуштун кандуу, жолу, азабы арбын.

Эсиме салдым досум Ысмайылды,
Жылмайып маңдайымда карап турду.
Көзү көк, өзү сары, узун бойлуу
Шинелин илгичке илди, чечип курду.

Бул оюм бир заматта чаң тополоң,
Эстесем Ысмайылды капа болом.
Берлинди каратканда биздикилер
Акыркы ок тийген экен күйгүр короoң.

Жусу жок Прагада жүргөн эле,
Жаңы эле тынчтык киймин кийген эле.

Бир үйгө суусун сурап кире калса
Душмандын огу төшкө тийген эле.

Жүкүнчү жигиттердин жигитинен,
Бирге өскөм, бирге окугам, унутпайм мен
Сүйлөсө сөзү терең акылы алтын
Түшүмдө тирүүлөрдөй дайым көрөм.

Календер, Искен деген инилерим,
Укчу элем ал экөөнүн далай кебин.
Жашынан согуш жылы апаат болду
Боору таш, жек көрүнчү жексур өлүм.

Ал эми Келдикенин Акынбайы,
Псковдо, окко учкан, жаткан жайы.
Күлкүлүү Күмүшбайды казак жигит
Анын да ардакталып күйбөйт шамы.

Турмуш, ой-ойго түшкөн курбуларым,
Өзүмө жакшы көңүл бургуларым.
Издедим көбүн таптым, өз үйүмө
Чогултуу кыйын экен койбой баарын.

Алайдан Абдылда дос күлүп келди,
Пазыл да ба́пырандап колун берди.
Кармышак армиянын генералы
Даярдап койгом ага үйдө төрдү.

Сүйлөсө сөзгө сараң Жусубаалы,
Чакырган курбулардын келди баары.
Алтынай, Самар, Күкү, Зуура сулуу
Аткандай Ала-Тоонун алтын таңы.

Үй ичи үч бөлмөгө араң баттык,
Үй тою курбу курдаш күлкү шаттык.
Бир күнгө бийлеп, ырда кошо келди
Коштошуп алыс кеткен алтын жаштык.

Анткени ырдап жаттык, бийлеп жаттык,
Сөз кезеги келгенде сүйлөп жаттык.
Күкөйүм бүгүн сулуу бир башка
Тамак-аш ар ишинде бүгүн тактык.

Олтуруп альбомду ачып көрдүк,
Өткөн жол, өткөн өмүр көңүл бөлдүк.
Кармышак рюмкасын уруштуруп
Сүйлөдү: «Чоң согушта душман жеңдик.

Көп достор кайра журтка келе албады,
Саламын биз сыяктуу бере албады.
Аянбай эл, жер үчүн кармашты алар
Фашисттер жексен болду жеңе албады.

Аларды урматтайбыз, унутпайбыз,
Ошондо жеңген үчүн биз да барбыз.
Тазабыз, мөлтүр кашка булактайбыз
Планетага советтик аткан таңбыз.

Алгыла, көтөргүлө, шербет-шарап
Өстүңөр өлкөм үчүн ишке жарап.
Жегиле, жемиш түркүн жердин куту
Бошосун ак дасторкон турба карап».

Рюмкалар шыңгырап көтөрүлдү,
Ырлар чыгат жаңыртып айлуу түндү.

Куттуктайт келген достор курбу курдаш
Жаңыдан бизге тийген кутман үйдү.

Досторум, курбуларым солбос гүлүм,
Силерде чынын айтсам менин сүйүүм.
Кубаныч, шаттык, ырга толду бүгүн
Жаңы алган жарашыктуу менин үйүм.

Жаңы үйлөр жаркырай бер көбөйгүлө,
Жаңы үйдө жаңы балдар төрөлгүлө.
Май болсун, күз да келсин, кыш да болсун
Өзгөрбөй өлөң чөптөй көгөргүлө!

Силерге жакшылыкты каалайм дайым,
Энчилейм баарыңарга майдын айын.
Өтөт күн, өтөт өмүр, өтөт мезгил
Курчуймун өзүңөрдү көргөн сайын.

## НУРЕК

Тоо башында толкуйт Нурек,
Тоого бүткөн толто жүрөк.
Келечектин кең пейили,
Тажик күткөн таза тилек.

Жашыл жаркын, жаңы Нурек,
Ильич шамы өчпөй күйөт.
Ленин өзү жолду баштап
Ушул жерде кошо жүрөт.

Аты жакшы асыл Нурек,
Ата сүйөт, бала сүйөт.
Качан болсо ачык асман,
Жагалданып көлү күлөт.

Атак даңктуу айдай Нурек,
Адам иштейт, күчүн үрөп.
Аска-зоолор амандашып,
Анда дагы тынчтык тилек.

Нурек бүгүн жаңы тарых,
Нурек менен тоолор жарык.

Памирдеги батпаган күн
Балам, атам кубат алып.

Келинге окшойт ушул Нурек,
Тоо башында турган чүрөк.
Улуу Памир куда түшүп,
Урмат кылып жаркын күлөт.

## АКЫН БОЛУП

Ак кайыңдар, арча, четин
Ыр жазалы келгиле.
Булак сөзү — уйкаштары
Ырга кошуп көргүлө.

Ыр жазалы тоо бетине,
Токой болуп каптасын.
Чырак болуп түн көзүнө
Булбул окуп жаттасын.

Ыр жазалы аска-тоого,
Жымыңдасын жылдыздай.
Акын болсун окугандар,
Манасы бар кыргыздай.

## ҮЗБӨЙМ ГҮЛДҮ

Жаркырап жай келгенде ысык күндү,
Табыйгат жан жаныбар баары сүйдү.
Кыз күлүп, чачын тарап таң алдында
Жигиттер эмгегине жеңин түрдү.
Беде чаап салкын желдин кучагында,
Сакалын сылап коюп атам жүрдү.
Неберем чарк айланып көпөлөк кууп
Шыңкылдап булак менен кошо күлдү.
Турмуштун бир кызыгын, бир үзүрүн
Жыргалын, жадырашын бөбөк билди.
Жай мезгил келген сайын мага үлгү
Гүл өмүр, чачылса да үзбөйм гүлдү.

## ӨМҮР БОЮ ЫРДАП КЕЛЕМ

Жылдар өттү жылынган отуна биз,
Жамгыр төктү нөшөрлөп келгенде күз.
Карабай ошол күздүн кечтигине
Жайнады кызыл гүлгө ой, талаа түз.

Жаркырап Октябрдын атты таңы,
Угулуп жер бетине жеңиш таңы.
Солдаттар, матростор, жумушчулар
Биригип, келечекке болуп камы.

Өлкөмдүн өмүр бүткөн даңкын улап,
Гүлдөтүп кужүрмөндөр ишин чыңап.
Ленин тактап, тапкан илим менен
Душмандын тургус кылып туусун жыгат.

Таңданып, таңыркатып жер көгөрдү,
Талыкпай эмгек менен эл көгөрдү.
Эркиндик шоола чачып планетама
Күжүрмөн Кызыл туудан күч төрөлдү.

Ата-журт социализм курган кезде,
Атак-даңк алыс кетип турган кезде,

Батыштан согуш чыкты Гитлер баштап
Келишим кол коюлган, турбай сөзгө.

Заматта «Москваны алабыз деп,
Уралды үч ай өтпөй чабабыз деп.
Бакунун нефтисинен тутандырып,
Донбасстын көмүрүнөн жагабыз деп.

Журтумду жерден жексен кылабыз деп,
Элимди тоодой үйүп кырабыз деп.
Эскертпей Европаны талап алды
Советти тыйпыл жоюп тынбайбыз» —деп.

Билишпей биргелешкен биздин күчтү,
Москванын так алдында торго түштү.
Кылымдар өтсө дагы ким унутсун
Сталинград ыйык шаар болгон «ишти».

Уралдын караанын да көрүшкөн жок,
Бакунун нефтисинен бөлүшкөн жок.
Донбасстын көмүрүнөн советтик эл
Душманга бир тоголок беришкен жок.

Канкорлор өз жеринде багынышты,
Жалдырап жан соогалап жалынышты.
Көрдүк го, башыбыздан өткөрдүк биз
Тарых билбес таң калуучу кагылышты.

Ошентип биздин колдон жеңиш келди,
Кылкылдайт Кызыл Аянт парад белги.
Кремль жүрөктөргө кан жүргүзүп
Көп элге эркиндиктин туусун берди.

Тынч уктап тыным алган таңдар атты,
Мекеним пейли менен гүлдөп жатты.
Европа, Азияда көп өлкөлөр —
Символу улуу Ильичтин туусун такты.

Белсений беш жылдыктар жылып алга,
Спутник биздин жерден учуп айга.
Жер шарын бир заматта тегеренип
Космоско адам учуп, конду кайра.

Гагарин планетамды дүңгүрөттү,
Даңктаган жер бетинен угуп сөздү.
Бул турмуш бизде гана жаралгандай
Илимден илгерилеп көрдүк көптү.

«Востоктор», «Союздар» да учуп жүрдү,
Космостун ачылбаган сырын билди.
Алыскы ай, жылдызга кабар жетип
Өмүрлүк Октябрдын ырын сүйдү.

Бапестеп баатырларды тосуп алдык,
Жер байлык түгөнбөгөн алтын сандык.
Суу жыгып, чөл гүлдөтүп, дыңды бузуп
Жаңы айыл коммунизм шаарын салдык.

Бул ишке кыргызым да күчөп кирди,
Мелдеште алга чыкты билек түрдү.
Орто-Токой, Баткенде суу сактагыч
Пайдасын барк албаган чөлдөр билди.

Куржалак калган дыңдар түшүм берди,
Кызыл дан, алтын пахта, жүзүм берди.

Тал чыкпас ойго кырга токой орноп
Белестен беш жылдыктын күзү келди.

Таңдантып көргөндөрдү Токтогул ГЭС,
Аскага асман тирен орноду тез.
Сынадык комсомолдун чындап күчүн
Алкыш, даңк ошолорго айтылган сөз.

Майлы-Сай, жаңы Токмок, Кара-Балта,
Миң Кушу тоо башында ойго сакта:
Сакчысы ден соолуктун Чолпон-Ата
Жаңы шаар, жаңы айылдар биздин жакта.

Эсептеп айта берсем арбын саны,
Октябрь баарыбызга берген жаңы.
Фрунзе жүзгө чыкты орден алды.
Фрунзе гүлдөп жаткан кыргыз шаары.

Ал эми Ферганада Ошту кара,
Жалындап Октябрдын оту жана.
Жаңырып күзгү элестүү суудай таза
Көрө албайм көчөсүнөн кемтик чала.

Балыкчы баштан аяк баарын көргүн,
Дүркүрөп өсүп чыкты шаары көлдүн.
Чөл эле шамал, бороон боздоп жаткан
Ушундан билип койгун күчүн элдин.

Шаарымдан, айлымдан да баатыр чыккан
Жер бети кыргызымдын даңкын уккан.
Зууракан, Алля Анаров, Дайыр баштап
Дүйшөнкул, Чолпонбайлар бизден, уксаң.

Суулар көп, дарыя көп, көп жол баскан,
Атасы ал суулардын мөңгү жаткан.
Кыргыздын Казак, Өзбек, Түркмөндүн
Ала-Тоо ага болуп жерин баккан.

Ошондон Кара Кум деп канал курган,
Ошондон Чоң Фергана суусун бурган.
Мелмилдеп Кайрак-Кум да тоону карайт
Анткени Ала-Тоонун суусун жыйган.

Жеримде мекенимде улуу достук,
Октябрь бизге берген үлүш коштук.
Ала-Тоо, алп Нарыным, Алай, Памир,
Биригип жер бетине килем соктук.

Малчы бар атагы ашкан, арымы ашкан,
Ар бири өзүнчө эле көркөм дастан.
Багбан бар кыргыз жерин жемишке ороп
Аскага, Ала-Тоого гүлдөр таккан.

Жерим да өзүнчө эле багбан сымак,
Арсланбап, Аркыттар чоку бубак.
Капталы ою, кыры терсең жемиш
Куюлуп жаткан окшоп жаңгак булак.

Эл болуп, көп улуттан республикам,
Атканда Октябрдын жаркырап таң.
Сыймыктуу басып өткөн алтымыш жыл
Эмгек, күрөш, беш жылдык түбөлүк шаң.

Бул күндү даңазалап тосуу үчүн,
Кыргыз да бүткүл элдей жумшап күчүн.

Жарышта жагалданып алга чыкты
Калтырып карт тарыхта өчпөс изин.

Төрт орден туу бетинде күндөй күлүп,
Лениндин жарыгы бизге тийип.
Адашпай ак эмгектин даңкы менен
Аркырап учуп барат заман күлүк.

Октябрь жер бетине чачып нурун,
Даңктанды жеңиш менен ар бир жылын.
Таң калып карап турат тарых күбө
Таң калып таасирленип биздин кылым.

Азия, Европада Октябрь деп,
Көтөргөн кызыл тууну өлкөлөр көп.
Батыш, чыгыш, түндүк-түштүк жер бетине
Октябрь үрөн септи коюлбай чек.

Ал үрөн таалай чачып өнүп жатат,
Түшүмүн элге түгөл берип жатат.
Эркиндик күрөш менен кол бергенин
Эмгекчи эл көзү менен көрүп жатат.

Миң жылдар Октябрдын оту күйүп,
Күн менен таң атканда бирге тийип.
Бак-таалай баарыбызга келе берет
Түбөлүк адамзатты алкап, сүйүп.

Аткарып Лениндин тилектерин,
Жаттайбыз жүрөктөргө айткан кебин.
Коммунизм жолунда баратабыз
Курдук биз социализм улуу чебин.

**Октябрь өмүр бою ырдап келем,**
**Достук күч кол кармашып жыргап келем.**
**Туу тиккен улуу Октябрь, улуу майрам**
**Куттуктайм баарыңарга салам берем!**

## ЭЛИҢ СЫЙЛАЙТ

Жалгыз өзүм, тоо арасы, атчанмын,
Шаркыраган суунун үнү угулат.
Ушул ырды ат үстүндө жазганмын
Өткүн өтөт, сыйлагандай дыбырап.

Эрмек болот анда-санда булуттар,
Ак жоолукчан жеңелердей көрүнүп.
Мазардагы байлап койгон кыйыктар
Жаткан өңдүү булак суусу төгүлүп.

Учуп конуп таң калгандай сагызган,
Бирөөлөргө кабар берип жаткансыйт.
«Тумарымды» ырдайт тиги алыстан
Коштоп бирөө темир комуз каккансыйт.

Чыгып бардым кең тескейдин кырына,
Ак боз үйлөр көк түтүнү чубалып.
Түшүнгөнсүп минген атым сырыма
Жорго салат жетебиз деп кубанып.

Аттан алды чарчы бойлуу ак жуумал,
Сагынгандай салам айтып ийилип.

Маңдай жакта жашыл арча кайың тал
Суктангандай шүүдүрүмгө киринип.

Жайлоодогу малчылардын айылы,
Той болгондой бир заматта жаңырып.
Кайда барсам көлдөлөңү салынуу
Мейман келсе урмат кылат багынып.

Кыргызымдын кылымдардан белгиси,
Ызаат кылуу акындарды ардактап.
Элиң сыйлайт сени келет көргүсү
Көөп кетпе ошол кезде дардактап.

## ЖАШЫЛ ЖОНДОН ӨТӨМ, ЭЭ

Белден чыккан бетеге,
Ушундан кантип кетем, ээ.
Жайнаган гүлдү мен таштап
Шаарыма эртең жетем, ээ.

Арчалуу чер калат, ээ,
Аркырап суулар агат, ээ.
Ак кайың менен долоно
Шүүдүрүм бүрүн тагат, ээ.

Бул жерде булбул сайрайт, ээ,
Атакем жылкы айдайт, ээ.
Ак жоолукчан жеңекем
Желеге бээни байлайт, ээ.

Улары тоодон түшөт, ээ,
Булактын суусун ичет, ээ.
Көгүлтүр көлдүн үстүндө
Койкойгон ак куу сүзөт, ээ.

Жайлоодон кантип кетем, ээ,
Жашыл бир жондон өтөм, ээ.
Дем алыш бүттү отуз күн
Ордолуу шаарга жетем, ээ.

## БАЙКАГЫЛА, ОЙЛОГУЛА БАРЫҢАР

Токундаймын айланама карасам,
Таң алдында кызматыма баратам.
Бөбөк барат китеп кабын асынып
Мойтоңдогон кандай сүйкүм тамашаң.

Эне шашат базаргабы, ишкеби,
Же тоогобу, гүл жайнаган түзгөбү?
Жеңем шашат шайыр-шаттуу бакчага
Тарбиячы — туура он беш жыл иштеди.

Радио сүйлөп жатат көчөдө,
Чакыргандай гүл бакчага, кечеге.
Кабар берди «Атом бомба жарылды
Сыноо болуп жер алдында кечээ эле».

Бузду менин жаркыраган таңымды,
Өрттөгөндөй өзүм өскөн айылды.
Эки көзүм эмнегедир тунарды
Учкан сымак жерге батпай чамынды.

Аба жетпей бузулгандай ойлорум,
Сенек болуп калган сымак колдорум.

Караңгылайт эки жагым көрүнбөйт
Эми гана бара жаткан жол — жолбун.

Бир аз басып гүл жыттадым эс алдым,
Мен өзүмчө оюм менен сөз алдым.
Ырым менен сырдашкандай сүйлөштүм
Ырым менен бирөөлөрдөн өч алдым.

Ойлоп корсөм кайда барат амалың,
Атом тапкан, бомба саткан кабарың.
Планетамды түбөлүккө бузбасын
Атом кошкон абийири жок шамалың.

Кызыл каның сүт сыяктуу агарып,
Бүт денеңди бийлеп алса таралып.
Токтото албайт жер бетинде эч бир күч
Өпкө, жүрөк өз абаңдан чаң алып.

Атом «чаңы» бузуп кетет чөбүңдү,
Сыйрып кетет жылаңачтап териңди.
Жалдырайсың эки көзүң алайып
Же айта албай ичте жаткан кебиңди.

Аба биздин кетпесинчи бузулуп,
Бомба сынайт туш тараптан кутуруп.
Адам байкап өзүн өзү аяса
Калбаса дейм кагаз сымал тытылып.

Таза-тунук,нан жыттанган абадан
Гүл күлүңдөп жыпар жыты тараган.
Жыты келчү жайлоодогу кымызды
Суусаганда ким болсо да самаган.

Байкагыла, ойлогула баарыңар,
Таттуу болсо таалай бүткөн жаныңар.
Чаң жутпайлы өлүм өртү кошулган
Агарбасын жүрөк соккон каныңар.

Адам коому сенин азыр милдетиң,
Атом «чаңы» ашыктырган илдетин.
Тынчтык үчүн атам, энем, балдарым
Бүткүл адам кол көтөрүп сүйлөсүн.

Тынчтык болсун, аба таза болсунчу,
Жаратылыш муз каткандай тоңбосун.
Бүткүл дүйнө сак болсунчу
Өз катасын өмүр үчүн оңдосун.

## ТЕМИРКУЛГА

Темике — дейт, кары дагы, жаш дагы.
Элге жаккан эмгектери жазганы.
Темикем да жигит болгон бир кезде
Көөдөй эле, кайраттуу эле чачтары.
Өзгөргөн жок ошол бойдон азыр да
Чыйрак, чымыр текиреңдеп басканы.
Гүлкайырдай кулпунганын карасаң
Чачтарынын татынакай аппагы.
Ашык болгон Темикемдей бозойго
Алайдагы атагы ашкан Акбаары.

Темикемден окуп чыктык көбүбүз,
Ал кишиге даяр биздин төрүбүз.
Качан болсо, кайсы убакта болсо да
Сүйлөшүүгө түгөнбөстөй кебибиз.

Темике — дейт, жолдош кылып замандаш,
Темике — дейт, бирге жүргөн каламдаш.
Темикебиз бийиктеги алп чынар,
Ошондуктан биз бутагы таламдаш.

## СОКУЛУКТУН СОРОҢ-ТАШ

Сокулукту өрдөп барам өйдөлөп,
Эки жагым бирде аска, бирде таш.
Машинабыз араң эле жөргөлөп
Өпөң-чычаң — тоонун жолу ичпей мас

Дарыя агат көрүнгөндү кенебей,
Кошуп алып жолдо жылга сууларын.
Толкундаган көп балалуу энедей
Айдап алган улуу тоонун жыргалын.

Күзгү болуп, күмүш болуп көрүнөт,
Шаркыратма тешип чыккан асканы.
Жаш жигиттей шарпылдайт да теминет
Көзүнө албай, эсине албай башканы.

Ал биз болсок ысык күндөн корголоп,
Тердеп кетип майкаларды чечинип.
Бизден качты кекиликтер жорголоп
Чаап алчуудай жөжөлөрү бекинип.

Кырга чыксак кант сыяктуу кетилип,
Улам эрип, улам суусу көбөйүп.

Ак көйнөгүн акырындап чечинип
Ак тоолордон ак булуттар төрөлүп.

Сороң-Ташка чыга албадык жолу жок,
Чыга албаган адам эмес куш дагы.
Жып жыланач чапаны жок, тону жок
Кылымдардан кымындай чөп чыкпады.

Чокусунда сороң таштын учу бар,
Азыр эле таптап койгон бычактай.
Төмөн жагы көз жетпеген бийик жар
Түшүп кетсең терең зындан тузактай.

Табыйгаттын эркине мен таңданам,
Баарын тегиз баласындай кармаган.
Сороң-Ташка эч ким чыга албаган
Альпинист да башы айланып барбаган.

## ГҮЛЧӨ

*(Кармышак Көчөрбаевге)*

Гүлчө менин сүйгөн жерим
Балалыгым башталган.
Барыктаймын баатыр элин
Өмүрүңдү ырдайм сенин,
Жүрөгүмө каттагам.
Гүлчө сулуу — жаңы келин
Кайда болсо мактанам.
Өмүр бою сенин демиң
Кубат берген, шаттанам.

Тунук булак туш тарабың,
Жашыл тоонун арасы.
Сөзүн укчу өз балаңын
Мени бир аз карачы.
Өзүмө өткөн гүл жамалың
Элүү жылча арасы.
Жетим элем ата энем жок
Баргам бала чагымда.
Айласыздан болгонмун шок
Мөмө ала албай шагында.

Өттү күндөр, өттү жылдар,
Кадам таштап алыска.
Көтөрүлдү канча дыңдар
Эл баштаган жарышта.

Турмуш өзү сабак берет
Чыдап аны алганга.
Адам талбай иштөө керек
Үлгү болуп балдарга
Турмуш бийик чынар терек
Сырын билсең сайранда.
Муундарга бергин өрнөк
Калбай кийин арманда.

Айтса сөз көп Гүлчө жерин,
Баштан аяк тарыхын.
Жаза берем элдин кебин
Тактоо керек анык:ын.
Мезгил жетип тапсам эбин
Кирпич куяр калыбым.

Көчмөн элим көчүп көнгөн
Бакыт издеп батадан.
Кыйынчылык кыйнап алган
Зомбу-зордук, кападан.
Таалай алып элдик эрден,
Акыл угуп атадан.
Ажырашпай тоо таш жерден,
Ат жалында жашаган.
Азап тозок арбын көргөн
Айрым кеткен катадан.

Көркөм жериң, булактарың,
Күзгү сымак көлдөрүң.
Өзүм менен ынактарым
Көзүм жетип көргөнүн.

Өнөр өчпөс эл ичинде,
Сайма сайган кыздарын.
Гүлчө азыр өз күчүндө
Билген турмуш ыктарын.
Мал өстүрүп, мол түшүмгө
Мелдештерде чыкканын.
Өрнөк болуп өз ишинде
Беш жылдыкта утканын.
Жүзүм, дарбыз, коон түзүндө
Кырдан дыңды бузганын.

Гүлчө суусу атырылып
Көбүк чачат көбүрүп.
Ташка тийсе сапырылып
Тентектердей элирип.
Өчү бардай жапырылып
Эки жагын кемирип.
Эч ким койбойт аны тыйып
Кетет түзгө теминип.
Буудай күтөт, бакча күтөт
Гүлчө суусун сагынып.
Жүзүм күтөт, пахта күтөт
Мол түшүмгө камынып.

Миң жылгадан бир дарыя,
Миң булактан кошулган.
Аппак сакал ал карыя

Өмүр жолу созулган.
Ошол суунун оң жагында
Гүлчө гүлдүү кара бак.
Булбул сайрайт гүл шагында
Баскам далай аралап.
Көрсөң күздө, жай маалында
Тармал арча таранат.
Жарык чачып көп айылга,
Кан бергендей бүт тамырга
ГЭСи күлүп каранат.

Адырлары тагынып гүл
Сүйгөнү менен баскандай,
Сагынгандан сайраган тил
Кол сунгандай ак маңдай,
Өзүнчө шаар ак үйлөрү,
Жарык, таза кең көчө.
Тил бүткөндөй тоо сүйлөдү
Көтөргөндөй ыр кесе.
Гүлчөнүн да көп билгени
Өстү, өндү жүз эсе.
Тоонун сөзүн айтам азыр,
Анын дагы тили бар,
Өскөн жердин ой чуңкурун
Керек болот билип ал.

Бирин-серин сайма алачык,
Беш-алты там бар эле.
Жердин дагы куту качып
Бир чырпыкка зар эле.
Дарыя акчу ашып-ташып,
Бир гана ошол шаңы эле.

Миңги-Ташта бүрүн чачып
Мазар терек жаңы эле.
Көлөкөсү кырдан ашып
Өсүп турат дагы эле.
Эми токой арча, кайың,
Кызыл четин, шилбилер.
Күндө аткарчу ишиң дайын,
Демилгелүү үлгүлөр.
Көрө албайсың таштуу сайын,
Мен айтпасам ким билээр.
Бала кезде мингем тайым
Көйнөгүм жок көзгө илээр.
Туулбасам да Гүлчө сенден,
Тууганымдай сеземин.
Тарбия алгам ошол элден
Өнгөн өскөн өзөгүм.

Кол булгап кызыл жоолукчан,
Кош айтышып ырдаган.
Үлгү алганмын тоолуктан,
Үмүт күтүп сыйлаган.
Жигит болгом оолуккан
Морт болбогом сынбагам.

Суугa барган жеринен,
Сүйгөнүмө жолуккам.
Сөз айтып Кум-Бел төрүнөн
Гүлүнө гүл кошкомун.
Кубат алып өңүнөн
Кулачымды созгонмун.
Чал болгондо эми мен
Эске салат досторум.

Кериле чыккан кызыл тал,
Келиндери келишкен.
Айтса сөздү кулак сал
Алыста калат периштең.
Ууртунда уйма кал
Сүйлөсө сөзү эриткен.

Жигиттери сөзгө бек,
Сыпайы сылык чалдары.
Олтуруп алып айтса кеп
Кулак салат балдары.
Жошолуда Тектир-Таш,
Кереге-Таш, Кайырма.
Үч-Чатында өрдөк-каз
Кум-Белинде жайылма.
Миязды да өлөң-саз
Көрк берип турат айылга.
Көтөрүлүп көңүл ач
Үч-Чатында жайында.

Жер соорусу Тамбашат,
Кыялары кыдырма.
Жылуу Сууга эл шашат
Четиндери жыгылма.
Көргөн акын ыр жазат
Арашаны куюлма.
Кабылан-Көл, Кара-Көл,
Калың чыккан камышы.
Кайыкка минсең мында кел
Толкундун кызык дабышы.
Күн күркүрөп акса сел
Жан кирген таштар жарышы.

Чыйырчык мында бийик бел
Ошондо жолдун алысы.
Уу-Саз жайлоо кенени
Ушунда кымыз дарысы.

Ийри-Суу алды капчыгай,
Тогуз-Булак, Торолмо.
Дарыя сөзүн айтчудай
Көрүнбөй колот жоголмо.
Бул жерде адам жүрөт жай
Чөптөрү калың оролмо.
Түпкүрдө сайдын таштары, ай
Кой жаткансып короондо.

Кызыл-Кыя, Кең-Жылга,
Тоолору тоң Үмүттөш.
Чыгып барсаң бир кырга
Кызыгын көрөт эки көз.
Жазында өтөт көп турна
Ошондо бир кызык кез.

Камыш-Башы, Бүргөндү
Кырка катар тал чыгат.
Сынап, сыйлап билгенди
Жайлоосуна мал чыгат.

Кызыл таштуу Бүлөөлүм,
Аскалуунун башында.
Сагынат дайым жүрөгүм
Толгондой жери асылга.
Ашырган ишке тилегин

Парманас жүрүп кашында.
Басмачынын илебин
Таш талкан кылган жашында.
Мен башымды ийемин
Алайдан чыккан баатырга.

Унутпайм Калча, Сатарды,
Басмачы жолун байлаган.
Түшүрүп көзгө атаарды
Ташболотту кармаган.
Атагы чыккан Хасанды
Уюгунда жайлаган.
Көптүн көзүн ача алды
Көтөрүп туу кармаган.
Азыр да болсо алгалап
Парманастын балдары.
Эмгектен эрлер тандалат,
Алай Гүлчө шаңданат.

Беш жылдыктар чакырып,
Аткарылып пландар.
Сүт көл, май көл ачылып
Ишке ашып жатат ураандар.
Эл үчүн иштеп ашыгып
Жылдыз алган Кубандар.

Төрт түлүк мал көбөйүп,
Жайлоосу кенен жайылып.
Демилгелер төрөлүп
Каякка барсаң жаңылык.
Күнөстүү күнгө жакын жер,
Тоолору бийик булутта.

Аскасы окшойт кылычка.
Көк ала майдан көрком төр,
Көлдөлөң болуп чыгышка.
Булакка жуунуп кулач кер,
Сагынсаң келип салам бер
Санжырга жерди унутпа.

Күлүгү бар күчөгөн,
Устасы бар узанган.
Чөбүн чаап түзөңдөн,
Аска бузуп туз алган.
Кабылан-Көлдө сүзөм мен
Каптал жардан куш алгам.
Арашанга түшөм мен
Арбып жашым узарган.

Айтканда Гүлчө жергесин
Адырлар көзгө көрүнүп.
Аалыбай чертип термесин
Комузга кош кол берилип.
Мактайт баатыр Эргешин
Жылкысын баккан керилип,
Таба албай Мурат теңдешин,
Мелдеште чыккан бөлүнүп.
Тынч жаткан жыргал элдесиң,
Тунук суу агат көбүрүп.
Ленин деп дем алган
Лениндей бактысы.
Лениндей жер алган
Ленин тынчтык сакчысы.
Лениндей күч дарман
Илимдердин ачкычы.

Келечекке жол салган
Коммунизм баскычы.

Ошондон Гүлчө күлүңдөп,
Табына келген убагы.
Ким болсо да сүйүнмөк
Ленинизм куралы.
Жаңылык далай билинмек
Солубас болгон булагы.

Гүлчө сулуу — жаңы келин
Кайда болсо мактанам.
Өмүр бою сенин демиң
Кубат берген шаттанам.

## ТОО ГҮЛДӨРҮ

Тоонун көркү жашылданып,
Арасында гүлдөр жанып
Күйгөн сымак от болуп.
Чоктой кызыл,
Карап калам токтолуп.
Аппак гүлү — жаңы кар
Жакасына кыздар тагып.
Сары гүлдөр бийлейт желге
Жапырылат шоктонуп.
Түрдүүсүнөн терип алып
Атчан жигит сүйгөн гүлүн
Улам жыттайт эңип алып.
Тоонун гүлү мала кызыл
Адырында ала кызыл,
Күн нурунан сүйкөгөнсүп,
Башын мага ийкегенсип
Таба албайсың андан айып.
Гүлкайырлар кыздай күлүп,
Сандык гүлү билек түрүп,
Бир тилкеде суудай агып.
Майда гүлдөр килем өзү
Ар бир гүлдүн бардай көзү,

Бул сулуулук көркөм ырдай
Өзүм жалгыз болсом ээси.
Иштеп жатат табыйгаттын
Биз көрбөгөн акыл, мээси.
Кыргыз тоосу жаз келгенде
Жаркылдаган жайык төшү.
Кетпөчүдөй эч ким чанып
Жаштыгымды эске салып.
Жүрөк козгойт, ырды коштойт
Туш тарабым жагалданып.

## ЧОҢ АТА МЕНЕН НЕБЕРЕ

Күн ысыкта салкын биздин багыбыз,
Тоонун түбү, оң жагында дарыя.
Ошол бакта небереси Курманбек
Сүйлөп жатты чоң атасы карыя:

— Келгениңе беш күн болду алыстан,
Чыккан жакшы өзүң айткан жарыштан.
А мен болсом ушул бакта иштеймин,
Сүйлөп коюп келгендерге тарыхтан.

— Жеңип алдык көп мактанган «Алганы».
Беш нөл менен утуп койдук «Тамганы».
Беш команда бешөөнү тең калтырдык
Бул да болсо ар-намыстын жардамы.

— Жакшы балам ар-намысты билгениң,
Топ ойноону, тоолуктарды сүйгөнүң.
Жигит кезде мен да далай катышкам
Күрөшкөмүн, улак тартып жүргөмүн.

Биринчи орун алгам тыйын эңиштен,
Күлүк чапсам Сокулукта тегизден.

Адам үчүн адилеттүү ар-намыс
Сүрөп чыгат колуң жеткис өрүштөн.

Оюн керек жаш күнүңдө адамга,
Кыймылы жок жөн олтурган жаман да.
Ушул жайды канча жолу сугаргам
Отойм, тигем төштү тосуп шамалга.

Аба деген өзүнчө эле жыргалда,
Чыгып бардым тип-тик бийик кырларга.
Күч чыгарам жаз жаңыдан келгенде
Тегиз жаткан кетмен тийбес чымдарга.

Тебе бергин, жеңе бергин тобуңду,
Үйрөнө бер спорт деген оюнду.
Өмүр бою оору сыркоо жолобойт
Машыктырсаң дайым буту-колуңду.

Көптү көрдүң — Москваны, Ташкенди,
Өзүбүздөн Ош, Сүлүктү, Баткенди.
Көрүп алгын, дагы далай көрөсүң
Аман болсоң биз көрбөгөн көп жерди.

А мен болсом жетимиштин кырында,
Айлыбыздан чыга элекмин чынында.
Өткөн жылы атаң үйгө келиптир
Дем алгын дейт же Кавказда, Крымда.

Ага кантип барат элем, бара албайм,
Чындыгында жеткирсе да таба албайм.
Өскөн жериң, өз конушуң курорт да
Саякатты, жүрүштөрдү сага арнайм.

Жүрү, эмесе, ак алмадан терели,
Саргая элек шабдаалыны көрөлү.
Түштөн кийин тиги канал башынан
Бирге барып суудан жыгып келели.

Күн ысыкта салкын биздин багыбыз,
Ошол жерде атам салган тамыбыз.
Дем алышта чоң атам да, чоң энем
Тез жөнөйбүз салам айтып баарыбыз.

## УНУТПАЙБЫЗ ЭЧ КАЧАН

Чоң жолдун оң жак боюнда,
Көк-Дөбө бар сонун да.
Күнүгө чыгат таң менен
Аргымбай ата мен көрөм,
Таягы жолдош колунда.

Бүгүн да чыгып баратат,
Көк кыжым чапан жарашат.
Башына кийип ак топу
Элестейт тоонун ак чоку
Өткөндөрдү караттат.

Жасбайт көргөн саламын,
Кичинекей баламын.
Машина келип токтоду
Бир тааныш орус окшоду
Көңүлдү буруп карадым.

Дөбөгө чыгып ийилип,
Аргымбай ата сүйүнүп.
Кучакташып өбүшүп,
Сагынгандай көрүшүп,
Аргымбай жеңин кийинип.

Кайталап кол алышып,
Улам сөз чыгып жарышып.
Айыл жакка көз салып,
Жүрөктөрдө от жанып
Сүйүнүп күлүп калышып.

Эмнени сүйлөп жатканын,
Эмнелерди айтканын.
Уккан жокмун алыстан
Машиналар жарышкан,
Барбадым адеп сактадым.

Колдорун берип коштошуп,
Бир-бирине окшошуп.
Сакалдарын сылашып,
Сөз учугун улашып
Бир жерге ойду токтотуп.

Жаткан сымак көрүнөт,
Экөө тең кайра бөлүнөт.
Ордунан жылып машина
Зымырады шашыла
Кара жол жаткан керилет.

Чакырды мени жанына,
Этек-жеңин кагына.
Көк-Дөбөдө олтурду
Баргандарга кол сунду
Олтургандай тагына.

— Академик карыя,
Аты көпкө жарыя.
Бала кезде бир жүргөм

Жигит атын бир мингем
Бирге иштедик дайыма.

Малай болуп мал бактык,
Эптеп жүрүп жан бактык.
Кирпич куюп үй салдык
Чөп чабыкка бир бардык
Эмгектендик иш таптык.

Ошондон бери зымырап,
Далай жыл өттү тыбырап.
Жадырабай жаштык кез
Жагалданбай өттү тез,
Картайдык эми, кыбырап.

Жанагы келип көрүшкөн,
Кучакташып өбүшкөн,
Тууганымдай Иваным
Көргөн сайын сыйладым
Сыналганбыз көп иштен.

Бир жумада келем дейт,
Аралап айыл көрөм дейт.
Иши бар экен шашылыш
Өзүнчө жаңы ачылыш
Бүгүн отчет берем дейт.

Кырк жылдан бери бул дөбө,
Эмнегедир мага эне.
Эртели кеч келемин
Эскерип салам беремин
Мен үчүн сүзгөн чоң кеме.

Олтургун балам жаныма,
Кан кошкон менин каныма.
Эстелик болот бул өзү
Эсиңде болсун чал сөзү
Акыры жүрүп баарыңа.

Илгери жигит кезимде,
Өткөндүн баары эсимде.
Кара тумоо каптаган
Жалгыз мен калгам жатпаган
Ошондо келгем чечимге.

Барганмын Иван досума,
Агасы Антон кошуна.
Билбеймин кантип суроону
Айтканмын кара тумоону
Анда Иван айткан: чочуба.

Шура сулуу жеңеси,
Вера кыз болсо эжеси.
Антон болсо аптектин
Төрөсү болчу, ошондо
Ивандын берген кеңеши.

— Дары дармек алабыз,
Каш карайса барабыз.
Эгерде күндүз жөнөсөк
Ачуусу жаман атам көк
Балакетке калабыз.

Олтуруп тур ашыкпа,
Бала сымак жашыкпа.

Көндүрөйүн Вераны
Сен сулуусуң деп аны
Көк таш бар чоюн кашыкта.
Ороп алгын кагазга,
Ал чоң дары жарашса.
Антондон сурап көрөйүн
Акысын дагы берейин
Антонду Иван көндүрүп,
Дары алды бир топ өндүрүп.
Бармак болдук кечинде
Азыр да турат эсимде
Кара тумоо чоң булук.

Бешөөбүз түшүп чанага
Шура, Антон ага да.
Иван, Вера мен өзүм
Кайда жүрсөк бүр сезим
Баратабыз талаада.

Жол берип айдын жарыгы,
Шашылуу менен чамынуу.
Карасакалга келгенде
Иттер үрө бергенде
Карамолдо карылуу,
Түштүк анын үйүнө,
Тосуп алды сүйүнө.
Канча адам ооруп калганын
Канчасын, канча жалганын
Кабар айтып билүүгө.

Ошондо Иван көзүмө,
Байгамбар сымак өзүмө.

Үйдөн-үйгө кирип ал
Айтканына кулак сал
Маани берип өзүнө.

Таң атканча тынышпай,
Эч ким менен урушпай.
Ар бир үйгө киришип
Акыбалды билишип
Ооруну көрүп чыгышмай.

Билгенинче дарылап,
Кийимдери бөздөн ак.
Вера, Шура уктабай
Дары кошуп берет чай,
Кынтыгы жок ишке так.

Таңга маал болгондо,
Тарадык жылдыз толгондо.
Үйлөрүнө кетишти
Үч дөбөдөн өтүштү
Чыгарып койдум чоң жолго.

Ошондо кылган жардамы,
Айта берсем бар дагы.
Аман калган чоң атаң
Аман калган чоң апаң
Кетээрде элдин дарманы.

Ошону кантип унутам,
Ивандан күйсө достук шам.
Ошол шам күйүп уланып,
Ошол шам кызыл туу алып
Атпадыбы бизде таң!

Ошол досум Иваным,
Кордү окуунун жыргалын.
Азыр мага жолукту
Каалап чын ден соолукту
Далай келген сыйладым.
Бул дөбөнүн жомогун
Азыр айтып боломун.
Дагы толгон сөзүм бар
Күбөө болгон өзүм бар
Алдыңарга коёмун.
Кийин бирге тал тиктик,
Далай, далай иш бүттүк.
Өзүбүзгө там салдык
«Кызыл өгүз, соко» алдык
Алдыда турган иш күттүк.

Дың жер издеп тандадык,
Биринчи соко айдадык.
Бирге жыйнап түшүмүн
Түшүрбөй нандын күкүмүн
Элден артта калбадык.

Ушинтип өткөн жаштыгым,
Тарыхка толо баштыгым.
Көк Дөбө менин эрмегим
Денемди чыңдап тердедим.
Ошентип өткөн жаштыгым.

Ошондо достук башталган,
Ошондон сүйүү сакталган.
Эми ишибиз уланып

Эл достугу чыңалып
Кимге да болсо макталган.

Тетиги калың алма бак,
Өйүздөгү жүзүм шак.
Ошону бизге үйрөткөн,
Таш толгон сайды гүлдөткөн.
Баягы айткан Антон так.

Үйрөндүк орус өнөрүн,
Пайдаландык керегин.
Көрдүк өнөр жыргалын
Достукту келет ырдагым
Достукка үрөн себемин.

## СҮЙҮНБАЙГА

Улгайдым деп кээде кейип каласың,
А чынында сен дагы эле баласың
Ишенбесең курбулардан сурап көр
Жагалданып, алоолонуп жанасың.

Кээде кыйнайт сол бутуңда жаратың,
Моюн бербей жүрө бермей адатың.
Бадминттонду көкөлөтүп чапканда
Шамдагайсың, шапар тепкен баласың.

Сөз келгенде чукугандай табасың,
Ырларыңда — бүркүт түспөл — канатың.
Картайдым деп капаланба көп эле
Кыргызыңа кырчын кымбат баласың.

## ЭСЕП БЕРСЕҢ

Убакыт жок, мезгил мага жетишпейт,
Аны үйүмдө бала-чакам сезишпейт,
Ал мен үчүн убакыт да убара
Жүздөп-миңдеп
Так айтылган сөз издейт.
Сөз мен үчүн колдой турган куралым,
Сөз мен үчүн иштеп жаткан убагым.
Саат чыкылдап минут согот токтобойт,
Мезгил болсо көзгө илешпейт
Сүрөтү жок эч нерсеге окшобойт.
Ой, убакыт улам кача бересиң,
Эмне сени күнөөлөрдөй,
Уурулардай соттобойт.
Эртең деле табылат деп, убакыт
Кээ бирөөлөр
Бүгүн ишин козгобойт.
Убакытты ченегендер
Дагы көп.
Эмгегинен маңыз чыгат
Үйлөр курат, завод салат
Болотту да эритет,
Элиме деп, мекенге деп

Даң салышат, эмгеги эп.
Беш жылдыктар
Максат койгон пландар
Жылда өткөрчү ураан бар.
Азаматтар убакытты кетирбей
Күжүрмөндөр
БАМда иштеген уландар.
Мен да алардан үлгү алам.
Бир секундун бош кетирбей
Өз энчимди, күнү-түнү талашам.
Бүгүн бүтчү кызматымды
Эч убакта эртең дебейм
Бүгүн гана жаратам.
Аба болуп кирип кетем
Өпкөсүнө, бооруна,
Күчүм толуп, баш ийбесе жадатам.
Кайдан алам кээде жетпей адашам?
Бирок мейли өткөрбөймүн мезгилди
Бүт денеме
Каным менен, жаным менен таратам.
Кирип кетем, сиңип кетем
Арасына
Убакытты жолдош кылып
Мен алдыга, эртеңкиге,
Келечекке элим менен
Ишим менен баратам.
Качан туулдуң,
Качан сага сакал чыкты
Турмуш күзгү өзүңдү өзүң карасаң.
Эмне кылдың өмүрүңдө,
Эмнелер бар көңүлүңдө
Өз элиңе, мекениңе

**Эсеп берсең**
**Жыйынтыгын чыгарып,**
**Өзүңө да пайдасы бар**
**Өкчөп, өлчөп карасаң.**

## БАЛАМ МЕНИН ЧАБЕНДЕС

Ат чапканын көрдүң беле тоолуктун,
Көрүп алып мен да кошо оолуктум.
Алтымышка барып калган кезегим
Ошону ойлоп бир заматта соолуктум.

Астымда атым канаты бар эмедей,
Ушул тоонун бийиктигин кенебей.
Тыбырчылайт тизгин тартам титирейт
Келгенби же ал табына ченебей.

Түшүп бердим жерде турган балама,
Жарышып көр эки жагың караба.
Айдап кетти отуз чакты күлүктү
Төмөн жакта мелтиреген талаага

Кетишти алар, бүгүн майрам жарышка,
Шыгын билип биринчилик алышка.
Тоолук балдар жети, сегиз-тогузда
Далай жолу жеңип чыккан жарышта.

Өттү бир саат болжолдогон убактан,
Таштар учуп жаңы така туяктан.

Дүрбү менен сөз саламын алыска
Менин атым эң алдында кубанткан.

Жал куйругу тарагандай чубалып,
Тийген изден кызыл кыпын чыгарып.
Балам келет эки жагын карабай
Коё берип күлүк оозун кубанып.

Жетип жетпей Жумаалынын сарала,
Оозун бербей менин Асан балама.
Мойнун созот кулактарын тикчийтип
Учканын көр канат бүткөн ага да.

Алдыңкы ат алда кайдан көрүнүп,
Желге куйрук шаркыратма төгүлүп.
Чыкты балам чыгып келет зымырап
Калың топтон он метрдей бөлүнүп.

Келип калды көздү ачып жумганча,
Жанымдагы Мурат кымыз куйганча.
Өтүп кетти өчөшкөнсүп жаныбар
Кыйкырык чуу эс алымды жыйганча.

Ат чапканга чебер келет тоолуктар,
Саяпкерде, мүнүшкөрдө намыс бар.
Бүт дүйнөдө биринчилик берберген
Кыргызымда чабендес бар, күлүк бар.

## СЕЛКИНЧЕК

Бүгүн да өзүм сүйгөн тоого келдим,
Тазасы ай ошондогу муздак желдин.
Тоолуктар алты бакан оюнун куруп
Селкинчек тебишкенин жаңы көрдүм.

Көкөлөйт канат тагып алышкандай,
Кыз-жигит азыр гана таанышкандай.
Өйдө-ылдый алты бакан көтөрүлөт,
Күлүктөй мөөрөй коюп жарышкандай.

Ай күлөт бирде төмөн, бирде көктө,
Күүлөнүп селкинчекти кыздар тепсе.
Тоо кыры тоголонуп бараткандай
Арчалар жапырылып келбей эске.

Жайлоодо түн жап жарык күйбөй чырак,
Кезекти Бейшен, Анар күтүп турат.
Токтолуп эки жигит селкинчекти
Кезекте тургандарга ызаат кылат.

Мен дагы бир жагында селкинчектин,
Күүлөнүп күчүм менен катуу тептим.

Учуна карагайдын жетип барып,
Кайрылып жашыл тулаң жерге жеттим.

Капырай, бир заматта кайра учтум,
Өзүмчө канат бүткөн акын-кушмун.
Колунан кармай албай ак келиндин
Шылдыңдап күлгөн кыздын үнүн уктум.

Өзүмчө черди жазып жыргап алдым,
Бекбекей, шырылдаңды ырдап алдым.
Жүрөгүм өз ордунда кадимкидей
Аныктап аны дагы сындап алдым.

Төшүнө көз уялткан жылдыз таккан,
Он беш жыл бир колхоздун коюн баккан.
Башкарып селкинчекти оюн куруп
Ырдаган секетбайды чабан Шатман.

Үч күн бою үйрүлүп кеткиm келбей,
Ыр менен аралашкан гүлүн термей.
Кетти учуп бир заматта ошол учур
Айланып Арчалуудан соккон желдей.

## САХНАСЫ АРКЫТТЫН

Аралап баратсам Аркытты,
Жыпар жыт туш тушка чачылат.
Төшөгөн жерге баркытты
Саймалуу көшөгө ачылат.

Тоо бети оронуп карагай,
Өрөөнү дүңкүйгөн жаңгактар.
Биринчи көргөндөр баладай,
Таңданып, тамшанып, калдастар.

Түштүктүн түгөнбөс сулуусу
Бадалы аралаш карагат.
Илинген түркүн түс шурусу
Алчалар кыздардай таранат.

Тоо бети ак чатыр катарга
Шайма шай кароолдо тургандай.
Ушу тоо укмуштай тап таза
Өзгөрүп өмүрү булганбай.
Кымызы кып кызыл малчынын
Ичкенде сармерден ырдалмай.

**Сөз жетпейт барганда ал жерге**
**Көрбөгөм андагы жыргалды ай.**
**Келиндер келтирип шырдакты**
**Атайлап, абайлап шыргандай.**
**Жердеги гүлдөрдү так ушул**
**Аркыттын бетине жыйгандай.**

## АДАМ

Адам чыдайт баарына,
Ачарчылык жеңилген.
Чөлдө каны катса да
Кан күйгүзүп жатса да
Үмүт кылган өмүрдөн.
Адам чыдайт баарына
Өрт ичинде калса да.
Колу бутун кишендеп
Туткун кылып алса да
Адам чыдайт баарына.
Жеңиштерди улаган,
Кан төгүлгөн майданда
Өзүн өзү сынаган
Адамдарга кубанам.

## ЖЫРГАЛ ДА

Өзүнчө бир жыргал да,
Өрөөндүн чөбүн чапканда.
Көк толкун болуп кырларда
Көйкөлүп гүлүм жатканда.
Чийне менен жаш балдар
Чөмөлө ылдый тартканда.
Көбүрүп кетип жармасы
Көйкөлгөн жеңем шашканда.
Айлуу түн тып тынч мемиреп,
Атыр жел жыпар чачканда.

## ТӨРТ ЫР
## ЖАЗ ЖАҢЫНЫН ЖЫЛДЫЗЫ

Жаз келгенин өмүрүмдө көп көрдүм,
Далай жазды байкабастан өткөрдүм.
Быйылкы жаз пейли кенен жаз болду,
Ырга толду жазыла элек дептерим.

Кар билинбей эрип кетти заматта,
Сууда тоңгон күзгү муздар каякта?
Кайкалаган карагайдын бутагы
Окшоп кетти бир карасам канатка.

Кезек келди жаз жашынып жатпады,
Билген сырын табыйгаттан катпады.
Быйылкы жаз тынчтык, элде береке
Тоо, талаанын жайылгандай чачпагы.

Көчөлөрдөн машиналар шашылып,
Үй-үйлөрдүн терезеси ачылып.
Таңкы аба конок болду ар кимге
Кучактап өөп, курбусундай асылып.

Көтөрүлдү күн ордуна турбады,
Даярдалып табыйгаттын жыйнагы.

Китеп кылып барактаса болчудай
Тилин билсең жерден окуп ырларды.

Байчечекей козулардай жамырап,
Бак бутагы бүчүр мончок тагынат.
Мажүрүм тал кулач жайып күлүңдөп
Жазды сүйүп жаракөрдөй сагынат.

Талаа бети таң алдынан көгөрүп,
Тоонун башы ак булутту өңөрүп.
Жер энедей кайсы жакты карасаң
Жаңы баары эсеби жок төрөлүп.

Баш көтөрүп, кулак алып мандалак
Сагызгандар учуп конот сандалат.
Кыр кырлардан кылчактаган кар кетип
Жаз келгенге жакырсынат, арданат.

* * *

Мага дагы адырандап жаз келди,
Жылуу жумшак жаш келди.
Кубандырып, курсант кылып жаткансыйт
Мени дагы, мен сыяктуу бүт элди.

Менин жазым өтүп кеткен капкачан,
Жаз жөнүндө жадабаймын ыр жазам.
Бирок менин жаштык жазым келбейт го
Күнү-түнү өмүр бою мактасам.

Мейли ал жаз кете берсин коштошуп,
Мен алганмын ушул жазга достошуп.
Быйылкы жаз неберемдин жазы экен
Кызым, уулум ойноп жүрөт окшошуп.

Чүкө чертип, чикит ойноп чабышып,
Ат ордуна чыпрык минип алышып.
Ракета учурам дейт Айбегим
Кара жолдо «космодром» салышып.

Ишке ашсын жаз алдында тилектер,
Ишке кирди чарбактарда күрөктөр.
Кайда барсаң жарышкандай сезесиң
Саат чыкылдап аны туурайт жүрөктөр.

* * *

Күндөр өтүп, арча-кайың таранып,
Өрүк гүлдөп кар жаагандай агарып.
Кумурскалар өз жолунан адашпай
Алар үчүн турмуш кайра жаралып.

Талаа, тоодон таңдап дыңдар бузулуп,
Кампалардан кап-кап үрөн сузулуп.
Трактордун ээрчип алган артынан
Чөкө таандар, чыйырчыктар «кызыгып».

Тракторист өз ишинде көрүнүп
Жеңип алган желекчеси берилип.
Күндүз кечке тыным албай иштеди,
Чекесинен бермет мончок төгүлүп.

Дыйкан абам бала жазга жүгүнүп,
Ачык жерге арбын көчөт тигилип.
Эмгек кайнайт, эмгек жайнайт айлана
Көз алдыңда өзүнчө бир чимирик.

Ат кулактар жел тийишсе шабырап,
Алмалардын бүчүрлөрү жарылат.
Шабдаалы да жалбырагын күткөнсүп
Сирен турат, күн нуруна жалынат.

* * *

Карылыгы жетип калган карагай,
Эми өзгөрдү күлкүсү көп баладай.
Жанга кирди булак суусу келгенде
Жүздөн ашып кеткенине карабай.

Коңшу болуп оң жагында көк чынар,
Жалбырагы салаңдаган көп тумар.
Эң учуна бир куш уя салыптыр.
Канаты жок ошол жерге ким чыгар.

Бардык жерде турмуш-күрөш адатта,
Дары сымак жаңы жазым жаратка.
Жаз келгенде ишиңди тез бүтүрүп,
Жай келгенче жагалдан да шаракта.

* * *

Жаздын түнү бак ичинде көңүлдүү,
Жашарткандай жаркыратып өмүрдү.
Жолуктурдум жоогазынга окшогон
Жыпар жыттуу, жылдыз куттуу келинди.

Колтукташып кобурашып бараткан
Жакшы билем Жигитаалы теңинди.
Жигитаалы колхозунда жылкычы,
Комуз черткен бир айылдын ырчысы.

Акын ырын колхозчулар мактаган,
Чындыгында эл ырчынын сынчысы.
Жаздын түнү бак ичинде башкача,
Тоодон соккон жел желпинет тап-таза.

Жаштык менен жаз сүйүүнүн булагы,
Ким сүйүнбөйт, ким кубанбайт мактаса.
Тынчтык болсо түнкү бактын ичинде.
Тынчтык болсо бүткүл жердин жүзүндө.
Тынчтык болсо жай да сонун, кыш сонун
Тынчтык менен түшүм жыйсак күзүндө.

* * *

Жаз жанымда, үйүмдө,
Жаңы келген күнүмдө.
Ай нур чачкан түнүмдө
Ачылган асыл гүлүмдө.

Мекенимде, жанымда,
Жүрөгүмдө, канымда.
Жолдошумда, баламда
Өзүм турган айылда.
Күндө баскан жолумда,
Алыс кеткен оюмда.

Жаз жаркырап нур чачат
Кармап алдым колума.
Жаз жыргалдын тилеги,
Сулуу кыздын ирени.
Жаркылдасын жашыл жаз
Жайнап, ойноп күлөлү.
Жаз булактан атылат,
Жаз акынды чакырат.

Жаз жөнүндө далай ыр
Жагалданып жазылат.

Жаз жарыштын марaасы,
Жаз жаштардын калаасы.
Жаз, гүл, булбул үн кошкон
Жакшынакай талаасы.
Жаз — жаңынын жылдызы,
Жаз — жылымдын кундузу.
Жаз — өмүрдүн чырагы
Жаз — адамдын турмушу.

## ЖАЙ ЖЫЛЫМДЫН НУР КЫЗЫ

Кызгалдактар кайраттанып ачылып,
Жыпар жыты туш тарапка чачылып.
Түндө жааган чагылгандуу жамгыр да
Таң атаарда калган экен басылып.

Туман тарап менден мурда ойгонуп,
Күн чыга элек тоо артында коргонуп.
Тазаланып таң алдынан көчөлөр
Ак кайыңдар турган сымак ойлонуп...

Жел желпинсе шыбырашып бутактар,
Сагынгандай бирин бири кучактаар.
Уйкусурап үйүмдөгү балдарым
Тургун десе чыргоолонуп бышактаар.

Жай күнүндө кызык таңдын атканы,
Миң сан жылдыз уясында жатканы.
Таңкы чолпон кайда кеткен көрүнбөй
Күн нуруна уялгансып качканы.

Табыйгаттын кызык экен жышааны,
Ойгонбосо бүркүт көктө учабы.
Көтөрүлдү көк асманга улуу күн
Мезгил менен биз да кошо сызалы.

* * *

**Учкум келет канат болсо тоолорго**
**Көтөрүлүп булут менен жарышып.**
**Чыккым келет жалма аска-зоолорго**
**Кайрат менен аны өзүм багынтып.**

**Таштан аккан күзгү булак, караса,**
**Акын жазган ырларына тамшанып.**
**Таңкы абадай кыштагыма тараза**
**Пегас минип, махабаттан камчы алып.**

**Араласам тескей менен күңгөйдү,**
**Сүзүп өтсөм Ысык-Көлдү ырдатып.**
**Коштоп жүрсөм колун кармап сүйгөндү**
**Өмүр бою жай күнүндөй жыргатып.**

**Тилин билсем, бүркүт менен кеңешсем,**
**Кожожаштай ыкчам болсом баарына.**
**Куштар учпас аскаларга теңешсем**
**Мүрөк суусун ташып берип карыга.**

* * *

Жыты келет анделектин алыстан,
Мени менен бала кезде таанышкан.
Барып калсам конок болуп айылга
Балдар тосот, карыялар даанышман.

Тиги буудай ушул жайдын эмгеги,
Келдим анын баш алганын көргөнү.
Даярданып дан кучактап жаткансыйт
Өз элине берекесин бергени.

Кара жумуш качып кетти айылдан,
Машиналар үнүн кошуп жаңырган.
Айылыма асманда күн таңданат
Көз арткансыйт чартылдаган чагылган.

Жутуп алсаң суусаганда кымызын,
Уктап алсаң көлөкөдө тымызын.
Жай кучактап жайкап турса өзүңдү
Жай аткарып өзү бүтсө жумушум.

Деги жайдын байлыктары башкача
Эгер элим эмгек менен актаса.
Жай күнүн жапырт кылган жумушу
Жалкоолордой жалдырашып жатпаса.

* * *

Сары-Челекке бой көтөрүп жай келди,
Сулуулугун, улуулугун көрмөккө.
Кырга чыгып айлананы бүт көрдү
Кожогатын, алма-өрүгүн термекке.

Көз жумганча аралады Аркытты,
Конуш кылып жаңгактардын бутагын.
Колдорунан өөп жыттап тартышты
Жайга жайып кызыл аска кучагын.

Жай таңданды көргөнүнө ишенбей,
Эки жагын эңкейишти карады.
Былтыркыдай кетемин деп күчөнбөй
Ушул жерде бир моокуму тарады.

Жай ырдады үнүн мында кубултуп,
Кокту-колот кошо ырдады жаңырып.
Табыйгаттын оркестрин чубуртуп
Табыйгаттын барабаны чалынып.

Карагайлар, жаңгак, чынар желпинип,
Бекер карап четин дагы турбады.
Тармал арча алган сымак төлчигип
Ак кайыңдар асем менен ырдады.

Ырдап жатты күлкүсү көп булактар,
Ырдап жатты атырылып дарыя.
Таштан ташка секиришип улактар
Жан жаныбар баарыңарга жарыя.

Карагаттын бутактарын карасам,
Кызыгышып кыздар шуру таккандай.
Улам өйдө өзүм чыгып баратам
Ырларыма жаңы барак ачкандай.

Кожогатты коюндашып алышкан
Бүлдүркөндүн чырмоогуна тийишип.
Кашкулактар коён менен жарышкан
Башка жердей качпайт экен үркүшүп.

Деги кызык Сары-Челектин аймагы,
Деги сонун — жай каткырып күлгөндөй
Качан барсаң бал кошулган каймагы
«Бейиш» деген ушул го дейм түшүнбөй.

Кайык менен көл үстүндө жөнөдүм,
Ырым кошо мага жолдош жанымда.
Көл түбүнөн кызыктарды көрөмүн
Айтып берем билгенимди баарыңа.

Көлү тунук күзгү болуп күлүңдөйт
Түшкөн сымак булут мында калкыган.
Кайык менен баратканың билинбейт
Калактарым кашаң болбой камчылан.

Көл түбүндө төөлөр чөгүп жаткандай
Чуудалары туш тарапка жайылып.

Ай, күн келип ушул жерде баткандай
Жарк-журк этип чагылган да багынып.

Ажыдаарбы ышкырыгын күчөткөн.
Алдыдагы мойнун созгон эмне экен,
Бирде иймеңдеп, бирде боюн түзөткөн.
Суу түбүндө — кызык музей көлдө экен.

Бүркүт учуп түпкүрүндө жүргөнсүйт,
Тоо текени томолонтуп качырып.
Карышкырга жапырылып тийгенсийт,
Болгон чатак азыр эле басылып.

Көлдүн жээги адам өткүс карагай,
Калың чыккан атаандашып арчалар.
Суу түбүндө таштар жатат баладай,
Ушул жерде кызыктар көп канчалык.

Чын эле экен чөккөн төөбүз, ажыдаар,
Карагайдын капкачанкы дүмүрү.
Көргүң келсе көзүңдү сал баары бар
Таап аласың керек болсо гүлүңү.

Балыктары алтын дейсиң сапсары,
Кайык менен атаандашып жарышып.
Көлдүн жээги алма, өрүктүн productары
Жер жайнаган шамал өзү кагышып.

Сары-Челектин досу келди, жай келди,
Кеткени жок башка жакка тентиреп.
Кучактады, өпкүлөдү бул жерди
Алган сымак бир өзүнө энчилеп.

## КҮЗ МЕКЕНДИН БАЙЛЫГЫ

Куштай учуп жерге конот жалбырак,
Карап турам жел ойносо жалдырап.
Чындыгында мен да күздүн өзүмүн
Эмнегедир эки бетим албырат.

Берекеси, пейли кенен апамдай,
Кубанычы куш таптаган атамдай.
Кайда барса ак төө карды жарылып
Кашык да май, кайкалаган чөмүч май.

Кыргыз жери өмүрүмдүн мүрөгү,
Ала-Тоосу мекенимдин жүрөгү.
Тоо башында толкуп жаткан Соң-Көлү
Дүйнөдөгү түркүн көлдүн чүрөгү.

Алыс кетип Ала-Тоонун канаты,
Күздү сүйүү кыргыздардын адаты.
Малын жайып, эгин айдап сугарган,
Дыйкан абам берекенин таланты.

Тоо башына чыгып алып тиктесем,
Сары өзөн Чүй көзгө урунат издесем.
Чамдагыла чакырылбай кыш келет
Чатак кылат даярданып күтпөсөң.

* * *

Биздин жерде аңыз айдоо — сары алтын,
Күз күлкүлүү, айланасы баары алтын.
Ал алтындар оруп жыйып алышса
Кампа толо, ороо толо жаңы алтын.

Жибек пахта чанактары жарылып,
Кыз-келиндин назик колун сагынып.
Мени тер деп кызыгышат чанактар
Пейил-дили адамдарга багынып.

Талаа жемиш, тоодо жемиш, жер жемиш
Баркы бийик эмгек кеткен тез териш.
Жыйнап алсаң жаз, жай калган эмгектин
Жыйынтыгы ар адамга чоң жеңиш.

Бул сөздү айткан таң алдында чоң энем,
Эртең окуу, небереме гүл терем.
Биринчиге билим үчүн барышат,
Мойтоңдогон бөбөктөрдү мен көрөм.

* * *

Чоң энемдин короосуна кирип көр,
Күз ушунда, күз конокто жүргөнсүйт.
Күзгө барып башыңды ий, колуң бер
Чоң энемдин короосунда күлгөнсүйт.

Эшик алды шиңгил жүзүм гүл чатыр,
Ченгел толо үзүп алсаң мөлтүрөп.
Конок болгом чоң энеме биз барып
Барбай койсоң кууп жүрүп келтирет.

Алмасын көр шагы жерге ийилген,
Бутактарын жөлөп койгон атайын.
Качан барсаң короо гүлдөн кийинген
Жайган сымак үстү алдына бачайын.

Дубал ашып салаңдаган ашкабак,
Кучак жеткис чоңдугуна карасам
Эмне мынча үзүлбөгөн күч сабак
Мен таң калам сурай албай баратам.

Короо күзгү, чындыгы эле күзгүдөй,
Бир кыпынды издесең да таппайсың.

Көк көлү бар чабак уруп сүзгүдөй
Бир чөмүлсөң чоң энемди мактайсың.

Балыгы бар көк көлүндө ойногон,
Кайырмагы канча салсаң карматпайт.
Коону ширин канча жесем тойбогом
Чоң энемди ким болсо да ардактайт.

Күз да ардактайт чоң энемдин үйүндө,
Биротоло кетпей жатып алганбы.
Бир гүлүнө тийип койсоң сүйүнбө
Кабак бүркөйт айта берет арманды.

Жапкан токоч, каймак кошкон калама,
Сары кымыз көбүктөнөт күчүн көр.
Ак дасторкон баш айланат караба
Ашкананын байлыгын көр, ичин көр.

Күздүн досу, күчтүн досу чоң энем,
Багбандыгы — агроном ченде жок.
Барып калсам шабдаалысын мен терем
Башка иштери колдон келбейт эбим жок.

* * *

Таң да турам — ал баштаган адатым,
Таңкы желдин этегинен кармаймын.
Күз күчүнөн жазып жаткан санатым
Мен ырымды бапестеймин, тандаймын.

Күз жамгыры бир башталса токтобос,
Ичиркентип чыйрак кылат өзүңдү.
Кыргыз жери башка жакка окшобос
Эмгектенсең эки кылбайт сөзүңдү.

Мен жамгырды ата-энемдей сүйөмүн,
Жамгыр болбой жер байлыгын билбейсиң.
Жамгыр менен акын болуп жүрөмүн,
Жамгыр болбой жаңы көйнөк кийбейсиң.

Жамгыр жааса дабышынан ыр угам,
Тыңшай берем Бетховенди уккандай.
Өзүнчө бир адам билбес сыр угам
Кайра барып жыйырма бешке чыккандай.

* * *

Чынар терек жалбырагын учурат
Учургансып балапанын көгүчкөн.
Сабын жазбай турна асманда сызылат,
Кайда барат, кайдан алар келишкен.

Мажүрүм тал жаш келиндей ийилет,
Жалбырагы уялгандай кызарып,
Шыраалжындар шымаланып түрүнөт
Жылдагыдан калган сымак узарып.

Күздүн күчү байлыгымдын аймагы,
Күздүн күчү үйүмдө да, багымда.
Күздүн толо бал кошулган каймагы
Күздүн күчү шаарымда да, айылда.

Күздүн күчү нан сатылган дүкөндө,
Күздүн күчү жекшембиде, базарда.
Жүрбөйсүңбү бардыгы бар дүкөндө
Жардам берип жаңы ырларды жазарда.

Чынар терек жалбырагын учурат
Ай-ааламга кабар берип жаткансып.
Жазган ырым бир келинге сунулат
Сүйүү гүлүн бир ошого таккансып.

* * *

Барып келдим Ысык-Ата — арашан,
Токой кызык айланама карасам.
Күздү мактап ырдап жатат чымчыктар
Мен да алардын ырларынан талашам.

Куттукташып мени тосуп алгандай
Коён качты ойноп жүргөн балдардай.
Суу жээгинде бир өзгөчө таш турат
Шымаланган күрөшүүчү балбандай.

Далай жылы буга элдер жыйылган,
Күн жаабаса түлөө кылып сыйынган.
Турган окшойт «касиеттүү» ушул таш
Биз билбеген эң байыркы кылымдан.

Суу боюнда чымкый кызыл, сары тал,
Бетегеси үлпүлдөгөн болуп жал.
Сайрап жатат күңгөй жакта улар куш
Уктуң беле, көрдүң беле кулак сал.

* * *

Күз береке ушул жылга ичинде,
Өз өнөрүн туш тарапка жайганбы.
Мындай жер жок бүткүл жердин жүзүндө
Бул айтканым же башкага жалганбы.

Токой толгон бир өзүнчө тамаша,
Кулак салып баарын байкап караса.
Арча-четин, ак кайыңдар бир тууган
Өскөнүн көр бир бирине жанаша.

Көрүп калсаң элик качат элирип,
Чаарчыгы кундуз өңдүү семирип.
Менден бийик бул тарапта жок го деп
Кайкалаган карагай да керилип.

Күз күнүмдүн күчтүү келет абасы,
Боз баланын энтиккенин карачы.
Улам жыттап чайнап коёт пиязды
Пияз болсо бийиктикте арачы.

Күз адыры сары шайы жамынып,
Түз жеринен түркүн чөбү чабылып.

Ырдап калсам көңүлүмдү көтөрүп
Тар капчыгай мени туурап жаңырып.

Арча сезбейт улуу күздүн келгенин
Айтып бербейт өмүрүндө көргөнүн.
Жаш бозойдой жагалданып жайкалып
Арча комуз колумдагы эрмегим.

Күздө шилби тобун жазбайт топтошуп,
Долонолор бир бирине окшошуп.
Тоблугу да бизге колун көтөрүп
Жаткан сымак жагалданып достошуп.

Өзүнчө бир сүрөт тартып койгондой,
Ушул жерде күздүн тою болгондой.
Айланабыз тегерете аскалар
Колдон адам куруп койгон коргондой.

Күз чабыттап, байлык элге таратып,
Күздүн күчүн билбегенге жаны ачып.
Күздү мактап бир карыя сүйлөдү
Мени менен Үч-Булакка баратып.

Эмгек кылсаң күздө күчтүү береке,
Күзгү түшүм жарайт дайым керекке.
Кышта керек, жазда керек катып ал
Сары майды, ширин балды челекке.

* * *

Күз күнүмдүн жыргалы,
Берекенин кырдаалы.
Маңызын жуткан жүзүмдүн
Ырларымдын ыргагы.
Сыгып ичип анарды,
Эрке бийкеч таранды.
Күздүн күчүн сезбеген
Жигит дагы адамбы.

Күздүн билсең ширеси,
Кубатыңдын бир өзү.
Жыты келет ак нандын
Өмүрүмдүн сүрөөсү.
Жыргал менен береке
Быйылкы күздүн сүрөтү.
Жыйынтыгын жылымдын
Көркү, көзү ырымдын.
Атайы так айтпаган
Ачкычы күз сырымдын.

Күз күжүрмөн жигиттей,
Таптап койгон күлүктөй.

Арнап койгон ар кимге
Арбын азык түлүктөй.
Бетегеге семирген
Белден ашкан кийиктей.
Эмгек кылган барыктай,
Жол көрсөткөн жарыктай.
Күз жөнүндө ырдаймын
Күз сыяктуу талыкпай.
Кемтиги жок керилип
Суусу толо арыктай.
Кужурмөн күз келе бер
Орто жолдо чалыкпай.
Күз жылымдын байрагы,
Той-тамаша аймагы.
Кышка кызуу камынган
Дыйкан абам сайраны.

Ак дасторкон ар үйдө
Апамдар сүйүп жайганы.
Жаз, жай болсо жаркылдап
Жакшы күздүн балдары.

## КЫШ ЖЫЛЫМДЫН ТАГДЫРЫ

Кыштын да кызыгы бар билсе аны,
Таптаза, бойго жеткен кыздай кары.
Кири жок, киргили жок куудай аппак
Ала-тоом, өзөн, талаа, жердин баары.

Кар калың түшкөн сайын жер кубанып.
Мол түшүм алабыз деп эл кубанып.
Үшүдүм, үйдөн чыкпайм дегендер бар
Аларды көргөн сайын мен уялып.

Кыш кызык балдар үчүн чана тепкен,
Кар жааса жабалактап бийик көктөн.
Кар калың түшкөн сайын арты жакшы
Кадырлуу боло бермек келчү көктөм.
Жарышкан күлүк элем коньки тепкен
Бала кез, бактылуу кез чыкпайт эстен.

Күмүштөн чапан кийген аппак кайың,
Кызык көп кыштын күнү айыл сайын.
Ордо атып омуроолошуп орто жерде
Утканы, уттурганы болуп жалын.
Мал жакшы, малды баккан малчы жакшы
Мурдатан көрүп койгон кыштын камын.

* * *

Айылда илгертеден жоро бозо,
Казанда, казы, карта, эти кошо.
Келиндер сармерденди ырдаганда
Жигиттер кызарышып кызыл жошо.
Улуусун кичүүлөрү урматташып,
Келгин деп, төргө өт дешип жолун тосо.

Ошондо ырды жазып ымшып тердеп,
Обонду ойноктотсоң бийик созо.
Комуздар сүйүү күүсүн черте берсе
Жүрөктөр толкундаса кызыгы ошо.

* * *

Көрдүм кышты калың токой аралап,
Укмуш дүйнө көз алдында жаралат.
Буйдаланбай бутактарга сөз салчы
Ак халатчан адам сымак карагат.
Ак аюулар жолдо күтүп тургансыйт,
Тиги дүмүр жан бүткөндөй агарат.
Ак кайыңдар алкымы ак кыз болуп
Бутактарын жибек чачтай таранат.
Кыш токою өзүнчө бир жомоктой
Ырлар келет туш тараптан сагалап.
Шакылдаган шашып учуп сагызган,
Күн жарк этсе арча жашын агызган.
Кызыл четин кыздан бетер кылгырып,
Чеке терин жең учуна тамызган.
Кекиликтер туш тарапка жайылып,
Машак терип жүргөн сымак аңыздан.
Кышкы токой сулуулугу башкача
Көрбөй калсаң өз ичиңден намыстан.

* * *

Тоо башында бороон боздойт ышкырып,
Шамал шашат кар учуруп, иш кылып.
Көчкү көчсө көтөрүлүп капчыгай
Колотторду, өрөөндөрдү түз кылып.
Жолдо жаткан таштар кетет атылып
Көчкү кыйын асканы да мыш кылып.
Жол жоголот күрткү күчөп күүлөнүп,
Туш тарабынан тайгаланган муз кылып.
Кыргыз кышы, тоонун кышы башкача,
Аппак кары наристедей таптаза.
Карды челип жемин издейт топоздор
Карышкырга каарданса да алдырбайт
Амалы артык, күч кубаты башкача.
Кыргыз кышы жерге кымкап жапкандай
Арча: кайың аппак шуру таккандай.
Амалын таап алдас уруп ак төөлөр
Ойдо-кырда эс алышып жаткандай.
Мазар ташка барып калсам аязда
Эске түшөт жигит кезде ак маңдай.
Көз жүгүртүп кырга чыгып карасам
Ак шейшептен көшөгөсүн тарткандай.

Ай көрүнсө Ала-Тоонун башынан
Алтын күмүш кар бетине чачкандай.
Ачык күндө асман толо жылдыздар
Жерди көздөй салаңдашып шашкандай.

Бир карасам толкуп жаткан деңиздей,
Кээ бир таштар мүйүзү бар өгүздөй.
Ала-Арчанын адыр-адыр тоолору
Бир-бирине окшоп кетет эгиздей.
Кардын баарын ушул жерге жыйгандай
Башка жакка бир кышынын беришпей.
Суу боюнда шилбилерге көз салчы
Мончок таккан мөлтүрөгөн жемиштей.

Токсон чилде тоголонуп келгенби,
Бүткүл карды биздин тоого бергенби?
Басып калды түндө жааган түктүү кар
Айлыбызды, өзүм өскөн жергемди.
Трактордун күчү менен жол болду
Аяз ата өзү мында келгенби?
Ак куу минип алыс жактан аяз кыз
Биздин жерде күмүш чачын өргөнбү.

* * *

Канчалык күчөнсө да, аяз чилде,
Билинбейт жылуу жыргал биздин үйдө.
Канчалык аракетин арбытса да
Калың кар башын ийет улуу күнгө.
Көк музун жалтыратып өзөн булак
Күн тийсе үйрөнгөндөй кирет тилге.

Ал жерде аздан-аздан ала шалбырт,
Мөңгүдө карлар жатат куйгандай кыт.
Эл камы эрте болуп кыш башында
Кыйкырган кылыч алган болбоду жут.
Мал аман, малды баккан адам аман,
Элине келген экен жыргалдан кут.

Койлор тууп козулары болуп эгиз,
Шишектер байлангандай баары семиз.
Кар кетип, карлар эрип туш тараптан
Карайды талаа жакта жерлер тегиз.
Барпаңдап байчечекей баш көтөрдү
Кыздарга белек кылып сен да териш.
Күнөстөп байбичелер ийик ийрет,
Тал терек туш тарапка кулач керип,
Көгөрүп көтөрүлөт күнгөй тарап,
Булут жок, бузулбаган асман көгүш.

* * *

Даярдык бардык жерде жазга жарыш,
Жазым да келип калды таштап арыш.
Кайкалайт көргөн сайын көчөмдөгү
Ак кайың салам айтып мага тааныш.
Чоюлуп боюн керет саз тараптан
Өткөндө чабылбаган калың камыш.
Суктанып суулар агып жылга толо
Ишине киришкендей казган алыш.
Оңой деп ойлобогун ушул кезде
Колхоздо эмгек кылып малды багыш.
Тартайын тамыр алган жерди тиштеп
Кекире, кебелбеген сары сагыз.
Кылтыйып арык бойлоп баш көтөргөн
Кылтыйып чыккан турат жапжаш жалбыз.
Баарынан жакынырак жагалданат
Саанчы кыз, эпкиндүү кыз биздин балдыз.
Жаз келсе күчүбүзгө күч кошулмак
Жигитпиз солкулдаган биз да талбыз.
Сүйгөнгө караңгыда жарык чачкан
Билсеңер көп кол жеткис асманда айбыз.
Кеңештеш Кермекаш кыз кетип калса
Айтканды аткарууга биз да барбыз.

**Сыр билбей сырттан салам айткандарга**
**Таякчан сакалы аппак сары чалбыз.**
**Ыр жазып майрам сайын куттуктаган**
**Аман бол өзүм билген Алтынай кыз.**

## АЙЫЛДЫН ТАҢЫ АТКАНДА

Айылдын аткан таңында
Ойгонуп арча, кайың да,
Жар чакырып короздор
Жаркырайт өзөн сайында.
Жарашат жеңем ойгонсо,
Биз үчүн баары дайын да.

Ак дасторкон жайылып,
Калгандай бизди сагынып.
Көбүргөн сүт көйколүп
Көлдөлөң төргө салынып.
Байкем болсо барпаңдайт
Балпайган ичик жамынып.

Жеңемде бир да тыным жок,
От болуп бети кызыл чок.
Уюн саап, самоор кайнаган
Балдарына көңүл ток.
Эне, таң бирдей таптаза
Өпкүлөйт беттен шамал шок.

## БИЗДИН БОЗ ҮЙ ЧОКУДА

Күн күлүңдөп нурун чачат,
Эң биринчи биздин үйгө.
Апам туруп эшик ачат
Сыймыктанып улуу күнгө.

Таң алдында мен да турам,
Чоктой шоола сагынып.
Коңшу улардын үнүн угам
Коңгуроо гүлү тагылып.

Көз жүгүртсөм төмөн жакка
Тоолор жатат эсепсиз.
Ирети жок булут шашма
Өткүн төгөт кезексиз...

Тээ тетиги Чүйдүн суусу,
Асфальтталган жол сымак.
Лагердин кызыл туусу
Желбирейт ал бизге ынак.

Боз үйүбүз тоо кырында,
Тактап айтсам чокуда.

Бийиктебиз биз чынында
Аргымакты току да,

Бастырып көр кыя менен,
Жерге батпай жайнайт гүл.
Бийиктемин тегиз көрөм
Мактаганга жетпейт тил.

Дүрбү салам тиги алыста
Шаарым көчүп келгендей.
Машиналар бүт жарышта
Токтобогон кербендей.

Ошол шаарда эжем иштейт,
Кийим тигет балдарга.
Кездемелер такыр түтпөйт
Көйнөктөрү тандалма.

Батыш жакка дүрбү салсам
Жалама аска жаркырайт.
Ошол жерге жетип барсаң
Тоонун суусу шаркырайт.

Токой жатат тилке болуп,
Колдон тигип койгондой.
Андан бери жашыл корук,
Той тамаша болгондой.

Аюусу бар, топосу бар,
Топ-топ учкан кекилик.
Төмөн жагы эшилме жар
Элик качат секирип.

Түштүк жагым бизден бийик,,
Мөңгүсүн көр, карын көр.
Аскасында арбын кийик
Чарчабайт да, акпайт тер.

Бүркүт учат шаңшып күндө
Кең асманда жарашып.
Көз салгандай биздин үйгө
Асманда учуп баратып.

Тоолор, тоолор тоонун бети,
Гүл чатырдын өзүндөй.
Бул мезгилдин кызык кези
Көлү жердин көзүндөй.

Андан бери булак тунук,
Күндө барып суу алам.
Кулундарым оюн куруп
Ошол жерден сугарам.

Бетегеде кой жайылып,
Ээлеп тоонун капталын.
Көрүп турам көрк жамынып
Шаркыратма акканын.

Жылкычы атам, өмүр бою
Жылда көчүп келебиз.
Табыйгаттын болуп тою
Таасирленип көрөбүз.

Боз үйүбүз так чокуда,
Жылдыздардын жанында.

Өтөм быйыл мен окууга
Көчүп барсак айылга.

Күн күлүңдөп нурун чачат
Эң биринчи биздин үйгө.
Апам туруп эшик ачат
Сыймыктанып улуу күнгө.

## БЕЛЕК КЫЛАМ КЫЗЫМА

Базарга, мен барып калсам,
Сатып жүрөт билерик.
«Кымбат эмес баасы арзан»
Бул сөз элди имерип.

Оймо-чийме заты күмүш,
Эки башы арстан.
Мунун сырын кызык билиш.
Каяктан таап алышкан?

Ортосунда атчан жигит,
Найзасы бар колунда.
Койгон экен гүлдөн тигип,
Байкап көрсөм жолунда.

Бир жеринде жаңы Ай чыгып,
Нурун тоого чачкандай.
Кагылышта кылыч сынып,
Мерген жаасын аткандай.

Кызык кымбат, кымкап сүрөт,
Кылдат менен чегилген.

Кандай чебер күчүн үрөп
Таланты элге көрүнгөн.

Жакшы адамга буйрук экен,
Баа жетпестир ушуга.
Тою болот бүгүн, эртең
Белек кылам кызыма.

## БИР ШААРДЫН КЫСКА ТАРЫХЫ

Шамал жердин быр-сырын
Көккө бийик көтөрөт.
Күрпүлдөйт да, шарпылдайт да
Айтпай чынын
Билсең кыйын
Картаң Карын «жөтөлөт».
Үшкүргөнсүйт,
Чүчкүргөнсүйт
Суук тийген эмедей.
Бороон боздойт,
Тоолор тоспой —
Аска, ашыкпайт, кенебейт.
Жылаңач тоо
Жайы-кышы жылаңач.
Шагыл чачма
Аска асма
Эсеби жок ээсиз таш.
Кээде гана кара бүргөн
Тоголонот, учат кээде
Жай таба албайт,
Кээде итке
Окшойт үргөн,

Кайдан келген, кайда барат,
Кайда анын мекени?
Же мекенсиз
Аалам чалып,
Алда кайда
Биз билбеген
Башка жайга
Куюн менен колтукташып,
Чаңын чачып кетеби?

* * *

Кылым өттү арадан,
Аппак чачын тараган.
Ушул жерден бир жандыкты
Көрбөйсүң
Ач, жылаңач аска зоолор
Кеңешүүгө киши жок,
Сени менен иши жок.
Куюн кыйын
Кара бүргөн калдактайт,
Камгак кана өз эркинче дардактайт,
Тосуп албайт сени бирөө
Шамал итин айдактайт.
Бетке чабат,
Эки көзгө кум себет
Байкабасаң таш куланып
Эки көздөн
Жаш тамат
Уча берет шамал
Досу,
Кара бүргөн, эбелек
Болбосо да кош канат.

Ушул жердин эң тазасы,
Эки көзү,
Уга турган кулагы,
Сүйлөй турган
Тили да анын
Тогуз жерден
Өзүм көргөм
Булак башы суу агат.

8—469

* * *

Дагы бир топ жыл өттү,
Тарых үчүн ал көппү.
Тоолор, тоолор —
Аска-зоолор
Кара-Көлдүн түштүк, түндүк,
Батыш, чыгыш тарабы.
Кара-Көлдө камгак да жок,
Бүрүндө жок
Кайда кеткен качып безип шамалы
Кайда кеткен
Камгак, куюн
Ачтырбаган көзүңдү,
Жулуп алган сөзүңдү.
Кайда баары?
Нарын мынча буркан-шаркан
Чагылышып күндүн күлүп нуруна,
Ыр кошулуп ырына,
Кара-Көлгө эл келди,
Келгенде да жүздөп келди,
Миңдеп келди,
Баарысы тең уландар,
Келин-кыздар,

Ыры менен кошо келди.
Гитары бар, комузу бар,
Барабан да кагылат.
Дутары бар,
Кыл кыяктар чалынат,
Кара-Көл да жаңырат.
Темир комуз,
Сүйгөнүнө жалынат.
Жаңы салган үй сыяктуу
Келип жатты бульдозерлор,
Грейдерлер жапжаңы.
Кызып каны,
Жарык чачып жалыны,
Күчөп келди, күрпүлдөдү
Чоң Нарындын агымы.
Күрпүлдөдү, шарпылдады
Келгендерге сүйүндү,
Көчүп келди көчмөн сымак
Москвадан,
Метрону кургандар,
Эльбрусту, Казбекти
Хантеңирди ашкандар.
Енисейде, Обь, Волгада
Билектерин түргөндөр.
Романтика сүйгөндөр.
Ачык айкын күлгөндөр,
Тоонун сырын билгендер.

Шаңдуу болду Кара-Көл,
Жандуу болду Кара-Көл.
Кыздуу болду Кара-Көл,
Уулду болду Кара-Көл.

Мезгил эмне чарчабайт да, токтобойт?
Үч жыл өттү арадан
Бешик үйү, төрөт үйү
Керектүү үй,
Керектүү үйлөр көбөйдү.
Вагонетка, алачыкта,
Андан кийин
Жаңы шаарда
Жаңы балдар төрөлдү.
Чоңоюшту
Билим алып, оттой жанып күлүштү,
Өскөн шаарын, өмүр шаарын
Түбөлүккө мекен кылып
Туулган жерин
Энесиндей,
Атасындай сүйүштү.
...Мына мезгил
Мезгил деген токтобойт,
Же башы жок,
Аягы жок
Эч нерсеге окшобойт,
Алга жылат
Бара берет
Бара турган жерине,
Кулак салгын айта турган кебиме.
Бир тил, көп тил,
Десте гүлдөй чогуу тил.
Бири орусча,
Бири кыргыз тилинде,
Бири татар, бири калмак.
Бири бирин түшүнөт,
Тилдери бир

Кыргыз тили,
Орус тили
Бул эки тил орток болгон буларга.
Кичинекей бөбөк дагы,
Сүйлөп жатат орусча,
Сүйлөп жатат кыргызча,
Улутуна карабай.
Жеңе дагы, эне дагы
Үч жыл мурун
Сибирь жактан
Келген Иван карыя,
Сүйлөйт кыргыз тилинде
Кыргыздарды көргөндө.
Сүйлөйт орус тилинде
Орустарды көргөндө
Тезекбай да ошондой
— Инженердин атасы.
Үч-төрт тилде сүйлөй билет
Ичинде жок капасы.
Достук шаары,
Жаштык шаары
Келечектин кең шаары,
Жылаңач тоо, аска-зоолор
Эл келгенде уялды.
Жашылданып кийинди,
Ак кайыңга, арчаларга
Жашыл кандар жүгүрдү,
Алма да өстү түйүлдү.
Кыз көзүндөй
Жүзүм дагы мөлтүрөк
Шилекейди келтирет.
Жылаңач тоо, кайда, кайда?

Көчүп кетип калганбы,
Дербиштердей
Безип кетип калганбы?
Бүт кийинди,
Жашыл сайма кийинди
Мында көчүп келгенде
Вертолёттор
Бак-дарактын уругун
Тоо-тоолорго чачышкан,
Тигил Оштон,
Фрунзеден ташышкан.
Ушул тоого.
Жыпжылаңач тоолорго
Белек кылып беришкен.
Эми мына катар өскөн теректер
Ошондогу белектер.
Катар өскөн дарактар
Табыйгаттын китеби,
Ачыла элек барактар.

...Кара-Көлдө жашагандар
Кесиби эмне булардын?
Кайда иштеген эмелер?
Булардын да иши кызык,
Иши кыйын,
Асман менен кенен жердин ортосунда
Жалама аска боорунда
Альпинисттер,
Жөпжөнөкөй альпинисттер
Эмне булар?
Альпинисттер — таш жаргычтар,
Альпинисттер — көзөгүчтөр,

Альпинисттер бульдозерист,
Альпинисттер — аткычтар.
Альпинисттер аска менен
Эбин таап баскычтар,
Кудайлары асканын,
Көрүп алып ишендим,
Бульдозер турат күндө иштеп
Так боорунда асканын.
Келип кеткен жолу жок,
Бул жерге учуп келгенби?
Жок, ал учуп келген жок,
Сызып келди,
Чоң Нарынды кесип келди.
Тиги асканы тешип келди,
Өзүнүн күчүн сезип келди.
Тиги өйүздөн бул өйүзгө
Зым аркандан өтүп келди.
Кылган ишин карагын,
Канча ташты тазалап
Аска тешип каза алат.
Майрамдарда бульдозер
Адам сымак жасанат.
Кызыл жагоо тагынат,
Кызыл жоолук салынат.
Жамгыр жааса
Жагалданып жаңырат,
Шагыл түшөт шагырап.
Үңүп барат,
Кирип барат
Үңкүр жасап арылап.
...Бул жерде тоолор — таштуу тоо
Топурагы аз чыгат,

Кайсы жерин казсаң да
Катмар-катмар таш чыгат.
Бирөө катып койгондой,
Замбирек өтпөс коргондой,
Эмгек менен достуктун
Ушул жерде күчүн көр.
Туннелдерди карагын,
Тоодо бүткөн метро
Кылымдар аккан карт Нарын
Так ушул жерге бурулду.
Майрам болуп барыктуу
Бүткүл кыргыз жыйылды.
Мурда эч ким көрбөгөн
Той болду.
Болгондо да кызык той,
Тою болду Нарындын
Нарын күлүп жаңырдың
Жаңы үйгө кирген кишиче
Төшүңө гүлдөн сайындың,
Эски ук калды элеңдеп
Эс алгансып түбөлүк.
...Ушул жерде иштегендер,
Бийик учкан бүркүттөй,
Булуттарды дос кылып
Буту аскада
Башы чыгат булуттан.
Жарык чачат карт Нарын
Чыгыштын ысык күнүндөй,
Жакында деңиз көл болду
Көрүнбөй калды жылгалар,
Жээгинде терек ыргалаар.
Учуп келе баштады

**Ак куу менен турналар.**
**Токтогулдун миң кыял,**
**Толкуган көлдө ырдалды.**
**Бүркүт жетпес чокуда**
**Кызыл туубуз ыргалды.**
**Достуктун ыйык закону**
**Чечилбес болуп чырмалды.**

## СИБИРДЕ

Сибирдин чилдесине чыдагандар,
Көзөөчү жер катмарын бурагандар.
Жолдошун үй-бүлөсүн, өзүн кошо,
Эмгектин катаалында сынагандар.
Атанын, чоң атанын, баатырлардын,
Баштагап улуу жолун улагандар.
Чытырман чычкан өткүс түнт токойдун
Жүрөгүн колуна алып сынагандар.
Тайгага жүгөн салып, тизгин тартып,
Жок жерден жолду салып курагандар.

Темир жол, сазды аралап, газды аралап,
Бирде ылдый, бирде өйдө өргө салган.
Тоболдо нефти жери, нефти кени,
Кышында кычыраган үйү кардан.
Комсомол ошол жерде күч кубаттуу,
Көтөрүп көчмө тууну жеңип алган.
Жаштыгым өтүп кетти согуш менен,
Буларга тең келе албайм ичимде арман.

## БАРАТСАМ

Баратсам буудай аралап,
Дүмбүл баш желге таранат.
Кулакты байлап Курманбек
Эки жагын каранат.

Булактын суусу жайылып,
Буулуккан жерди сагынып.
Кулпунат буудай кыл мурут
Кеткендей жерден карылык.

Курманбектин жаны ачып,
Бир тамчы кетпейт адашып.
Баш ийкейт буудай баладай
Байкаймын мен да баратып.

Чырмооктун гүлү ачылып,
Туш-тушка жыты чачылып,
Көк чегиртке секирет
Көк канат куштан жашынып.

Ийнелик учат ийилип,
Көпөлөк учат сүйүнүп.

Бытпылдык урган бөдөнө
Жорголоп кээде жүгүрүп.

Курманбек муну байкабайт,
Өзүнүн ишин кайталайт.
Кулпунса болду буудайы
Кулакты ачат чарчабайт.

Аңгыча болбой алыстан,
Балдары келди жарышкан.
Казанда жапкан ысык нан,
Көтөрүп алган дарбыздан.

Аларга мен да кошулуп,
Салам айттым озунуп.
Дарбыз жедик, нан жедик
Көлөкө жерде олтуруп.

## МЕН КӨРДҮМ СЕЛДИН ЧЫККАНЫН

Мен көрдүм селдин акканын,
Чамынып, шашып ташканын.
От болуп күйөт чакмак таш
Ой бойго койбой шашканын.

Мен көрдүм селдин жүргөнүн,
Жалындап суунун күйгөнүн.
Токой, тоо, жерди томкоруп,
Кан жыттуу кара кийгенин.

Мен көрдүм селдин чыкканын,
Эпкинден таштар учканын.
Эбегейсиз бул күчтү,
Эл менен барып жыкканмын.

## КҮЧҮН КӨР

Тоо боорунда биздин айыл,
Үйлөр тоону таянып.
Эсеби жок эгиздердей
Тамдар турат агарып.

Бак-дарак боорго тигилип,
Жемишин берсе сүйүнүп.
Макмалдай таза жай келди,
Магдырап жашыл кийинип.

Жатса да жери жетишпей,
Төрөлгөн жерден кетишпей.
Жаңы үйлөр салып, берсе да
Түз жерге койду көчүшпөй.

Айтсак да болбой коюшту,
Таштабай туулган конушту.
Баласы, жигит, барысы,
Өрдөгү айыл конушту.

Кандай да болсо туулган жер,
Качантан бери аккан тер.
Кылымдар бою киндиктеш
Кымыздуу жердин күчүн көр.

## СОГУШТУН КААРЫ

Бак ичинде кемпир күлөт,
Адашкандай жүгүрөт.
Гүлдү көрсө үзүп алат
Ал өзүнчө сүйүнөт.

Чарчаганча баса берет,
Тер кеткенде тыныгат.
Дасторконго жемиш төгөт
Жегиле деп, сыйынат.

Ичкиле деп, жарма куят,
Бир адам жок, чөйчөк сунат.
Ушул «оюн» күндө жылда
Бул кемпирге берет кубат.

Кулагына балдарынын
Күлкүлөрү угулат.
Кыз кезинде алганын
Үнү чыгат шыбырап.

Байбиченин бул ишине,
Билбегендер түшүнбөйт.

Жаман айтпайт бир кишиге
Тилсиз бул бак түшүн — дейт.

Курман болгон чоң согушта
Үч бала, сүйгөн күйөөсү.
Ушул кемпир жалгыз калган
Ошолордун бүлөсү.

## ЖОЛ БОЮНДА ЧАЙХАНА

Жол боюнда чайхана
Тепкичинен чыгабыз.
Шакта булбул сайраган
Шашпай үнүн угабыз.
Фонтан атат жарышып
Токтоп карап турабыз
Тааныштарга, досторго
Тамшанып кол сунабыз.

Жол боюнда дөбөдө
Минген сымак кемеге.
Жел желпинет токтобой
Сылыгын айт деги эле.
Гүлдөй жайнайт күчөнүп
Кыз баладай түзөнүп.
Ушул кызыл чайхана
Окшоп кетти жеңеме
Мырза чөлдүн чайхана,
Мыкты экенсиң кайтала.
Суна бергин чайыңды
Жаза бергин шайыңды
Келген мейман жыргасын

Келин-кызың ырдасын.
Күйгөн отуң өчпөсүн
Күлкүңдү эл эстесин.
Дутарыңды чала бер,
Чөл экенин сезбедим
Чайханада курган тер
Мырза чөлдүн өзүндөй
Өркүндөй бер, кулач кер.

## ТУРМУШ ДЕГЕН УШУНДАЙ

Жакшынакай жаралып,
Жашыл кезим балалык.
Ак кайыңды карасам,
Ажарланып таранып.
Таш түбүндө булакка
Өзүн өзү каранып.
Биз сыяктуу күлө албайт
Чуркап ойноп жүрө албайт
Ошон үчүн аядык.

Көп ишимде чалалык,
Көпкөк кезим балалык.
Бөртмө жоолук салынып
Тармал арча таранып.
Белден чыккан бетеге
Өстүргөндөй көчөгө
Гүлкайыры агарып.
Жыты жыргал жалбыздын
Тил жоктугун аядык.

Эми чачым агарып,
Жыргал кезим балалык,

Карабаймын күзгүгө
Жаш кезимдей таранып.
Ак кайыңга, арчага
Алкыш айтып карадык.
Турмуш деген ушундай
Чаалыкпас тоонун кушундай,
Кондуруп колго алалык.

## АЛА-ТООНУН САКАЛЫНДАЙ....

Шаркыратма жибек арча саландап,
Муз тоңуптур бутактарга бурулуп.
Күндүн нуру кырдан бери чыкканда
Шаркыратма миң бир укмуш кубулуп.

Айдай алтын жибек арча тагынып,
Шаркыратма күмүштөй жол салынып.
Бүт айлана кол куушуруп корголоп,
Сулуулукка жаткан сымак багынып.

Карагайлар туш тараптан керилип,
Шаркыратма тоо башынан төгүлүп.
Эмнегедир карай салсам бир паска,
Ала-Тоонун сакалындай көрүнүп.

## КУСА БОЛОМ САГЫНЫП

Жашыл жагоо тагынып,
Келбөөчүдөй карылык,
Арча турат агамдай,
Жашыл күрмө жамынып,
Көрбөй калсам көп күнү
Куса болом сагынып.

Кызыл жагоо тагынып,
Кызыл желет жамынып,
Четин турат жеңемдей
Табыйгатка жагынып.
Келбей калсаң кечигип
Куса болом сагынып.

## САБАК БОЛДУ

Күн батаарда тоолордун чокусунда,
Жүргөнсүйм табыйгаттын окуусунда.
Жар башында кара таш жез кемпирдей
Келаткандай минип алып сокусуна.

Тескейинде чычкан өткүс чердүү токой,
Жалгыз арча кийингенсип бутка чокой,
Жел жүрсө аркы-терки баскан сымак
Аппак таштар жайылып жаткансып кой.

Жайлоонун туу белинде жалгыз турам,
Сайраган кекиликтин үнүн угам.
Кишенеп кулундарын издеп жүрөт
Үйүр бээ болгон өңдүү тоодо кулан.

Төмөнтөн чуркап өттү кызыл элик,
Күн батып бараткаңга басып көрүк.
Жаңа эле ошол жерде жүргөн элем
Жылганын жан жыргаткан гүлүн терип.

Ышкырып бийик беттен улар учту,
Тынчтыкты ташка конгон бүркүт бузду.

Биринчи бүгүн көрдүм бир кызыкты
Көзүнөн от күйгөндөй күйкө кушту.

Бир кезде жан бүткөнсүп шагыл акты,
Ургулап жаткан сымак чакмак ташты.
Күңгөйдүн күүгүм кирген капталынан
Өйдө-ылдый жалын канат учкун чачты.

Акырын аңдыгансып ай да чыкты,
Булутту тоо шамалы жүндөй тытты.
Өзгөрүп бир заматта аба ырайы
Көзүмө элестетти чилде, кышты.

Дабырап тоо агарып мөндүр жаады,
Аткансып асман жактан мерген жааны.
Бул дагы бир өзүмө сабак болду
Табыйгат мени окутуп көргөн камы.

Боз үйгө шашканымдан чуркап кирдим,
Жылынып күйгөн отко көптү билдим.
Тоолордун сулуулугун билгиң келсе
Жайлоого мени менен кошо жүргүн.

## ЭМНЕГЕ ШАШАМ

Жааган кардан эки көзүм тунарат,
Эмнегедир кыштан оюм уялат.
Нариете аба, таза аба шимирип
Чыйралгансып дилим, денем кубанат.

Эшик ачсам суук кирет достошуп,
Үйдөн жылуу чыгып жатат коштошуп.
Жер кучактап, жер жыттаган сулуу кар
Башымдагы ак калпакка окшошуп.

Толкуп кышта ырлар жазып жатамын,
Оюм менен гүлдү сыртка чачамын.
Жаз жаңыдан конок болуп келгенсип
Эмне мынча тоого, карга шашамын.

## ШЫРДАК

Сен шырыган шырдакты көрүп алып,
Эсиме түшүп кетет өткөн тарых.
Оймосу бири кызыл, бири жашыл —
Кочкор мүйүз, козу туяк, чаян, балык.
Чыккан ай,күн шооласы, бетеге бет
Элестейт көл үстүндө сүзгөн кайык.
Өркөчтөр, кыя жолдор, баскан издер
Шырдактын кооздугунда жоктой айып.
Окудум бир учунан мындай сөздү
«Кызыма белек болсун чоң энеңден
Күйөөгө чыкканыңда алгын барып».

## ЖАЛБЫЗ

Дачамда өскөн жалбыз,
Жыттаймын өзүм жалгыз.
Суу берем таза булактан,
Туптунук күзгүдөй чангыс.

Дачамда өскөн жалбыз,
Күндүз күн, түндө айсыз.
Жыттаймын, тиктеймин, өстүрөм,
Табигат,
Күн нуру,
Мен өзүм жалгыз.

## БАКИР АКЕ

*(Нарматовго)*

Жетим кез, бала кезим эстен кетпейт,
Бир сөздөн чындык болсо миң сөз жетпейт.
Башымдан сылап жатып мындай дедиң —
Ошону качан болсо жүрөк эстейт.

«Ата-энем жок жетиммин» деп коёсуң
Адам болсоң өзүң ата болосуң.
Сыйлай билгин, сындай билгин турмушту
Абийир алсаң атак-даңкка коносуң.

Таң каламын Бакир аке сөзүнө,
Айткан эле он экимде өзүмө.
Кубат болду өмүр бою ошол сөз
Эл катары тилегиме жетүүгө.

## КҮН НУРУ

Күн нурун аябайт адамдан,
Күн нурун аябайт суулардан.
Күн нурун көрөмүн кадамдан,
Күн нурун сеземин тоолордон.

Күн менен бүткүл жер, ай, жылдыз,
Күн менен турмушум, эмгегим.
Күн менен бүткүл эл, биз кыргыз,
Күн менен дос болгон жердемин.

Күн менен көңүлүм ачылат,
Күн менен ырларым жазылат.
Күн менин сыйынган кудайым,
Күн менен бак-таалай чачылат.

## ДЕГИ КЫЗЫК

Ушунча да окшош болосуңбу?
Жигит кезде мен тааныган апаңа,
Деги кызык, бул турмуш өтө кызык
Гүл тагыпсың апаң сымак жакаңа.
Мен такканмын ал гүлдү,
Сага гүлдү ким такты.
Жооп бере албай сулуу кыз
Карап калды мен жакты.
— Ушул көйнөк, ушул гүл,
Белеги болчу апамдын.
Бүгүн майрам болгондо
Кийип алдым жасандым.
Көрүп алып бул кызды
Мен бир азга жашардым.

## ЖАМГЫР СҮЙӨМ

Жамгырды гүл сүйгөндөй мен да сүйөм,
Жамгырга кыз сүйгөндөй башымды ийем.
Жамгырдын жыты менин неберемдей
Ушуну урматтаймын ачык билем.
Жамгырдын тамчысынан кийим кием,
Жамгырдын тамчысынан наным билем,
Жаш жамгыр өз маалында куюп кетсе
Кетпөөчүдөй өң түсүмдөн
Жашыл ирең, жаштык ирең.

## ЫР

Ыр жаралат акындын акылынан,
Нур чачкан эки көздөн, жүрөгүнөн.
Ыр жаралат ышкынын закымынан,
Эмгектин сүттөй тунук илебинен.
Короомо, кокту-колот, тоо бооруна
Жап жашыл ырдан токой тигемин мен.

## ТАПТАЗА, КАРДАЙ АППАК

Аялдар силер жердин гүлүсүңөр,
Баа жеткис өлчөмү жок сүйүүсүңөр.
Биз үчүн, балаң үчүн, тынчтык үчүн
Тап-таза кардан аппак үмүтүңөр.

Чынында жерде турган кудайсыңар,
Турмушту кылымдарга улайсыңар.
Элиңе-жүрөгүңдө жакшы тилек —
Өмүрдү, бак-таалайды сурайсыңар.

Ошону бардык ата түшүнөбүз,
Силерден чынын айтсак кичинебиз.
Аялды коргоп сактап калуу үчүн
Жан беребиз, керек болсо үзүлөбүз.

Аялдар эл тамыры, жер тамыры,
Сүйүүнүн өчпөй турган өрт жалыны.
Ар бириң энчи кылып алгансың бил
Энеңден жүрөк соккон дүрт каныны.

Аялдар силер жердин гүлүсүңөр,
Өлчөмү жок баа жеткис сүйүүсүңөр.
Биз үчүн, балдар үчүн, тынчтык үчүн
Таптаза кардай аппак үмүтүңөр.

* * *

Адам кайра төрөлөт бой жеткенде,
Сүйүү келип жаш жүрөктү эзгенде.
Ал мен болсом төрөлгөндөй жыл сайын
Май гүл алып жерге шибер өскөндө.
Төрөлөмүн кайра дагы жаңырам,
Колун кармап тилегиме жеткенде.

## ЭСТЕГЕМ

Мен көрдүм тоонун чокусун,
Кылымдар кары кетпеген.
Чокудан берки адырдан
Гүлдөрүн терип тепсегем.
Ах чиркин, көркүң башкача
Чокунун кары таптаза
Ошондо сени эстегем.

## ТОЙ ӨТКӨРҮП АТ КОЙСУН

Эски көчө, эски үйлөр,
Кезек келди чындап сүйлөөр.
Тарых айтып какшасаң да бузулду,
Качырады каалгалары,
Терезелер алынды,
Эски көчө, эски үйлөр жаңырды.
Келди кезек багынды.
Бийик үйлөр салынды,
Түбөлүккө коштошуп
Калганда жок чамынды.
Таарынбагын кезек келди,
Бир кездерде жаңы элең
Ушу шаардын таңы элең.
Жашагандардын камы элең.
Жаш балдардын шаңы элең.
Сүйүүлөрдүн балы элең
Сагынгандын жаны элең,
Ушул жерде төрөлгөндүн
Жүрүп турган каны элең.

Жаңы көчө,
Жаңы үйлөр,
Жаңы коңшу,
Жаңы гүлдөр.
Жаңы жарык терезе,
Ушул көчө, ушул үйлөр
Келечекке
Адамзаттын акылына бересе.
Күндө шаттык
Күндө жаңы тамаша.
Эски көчө, эски үйлөр,
Изи дагы калбаптыр,
Сени курган архитектор
Кечээ келип караса.
Турмуш деген
Өзүнчө бир тараза.
Таразалар так болсун,
Жаңы көчө, жаңы үйлөрдө,
Тынчтык болсун
Бак болсун.
Ар бир үйдө наристелер төрөлүп
Алтын бешик терметилсин,
Ата энеси
Той өткөрүп ат койсун.

## КАЗ-КАТАРГА ТУРГУЛА

Көп элең жер бетинде,
Көп элең каз-катарда.
Көбүң турдуң эл четинде,
Көбүң туулдуң таң атаарда.

Окко учту бир тарабы,
Коргоп колдоп мекенди.
Учкун болбой от жанабы
Эл милдетин көтөрдү.

Завод курду, канал салды
Ачты жерден жаңылык.
Кызыл туубуз оттой жанды
Уюлга да тагылып.

Бак өстүрдү, бала бакты,
Жаңы муундар төрөлүп.
Адам үчүн алга шашты
Аянган жок көгөрүп

Айдап чыкты азап тозок
Чаң тополоң салганда.
Көкүрөктү кере созот
Үлгү болуп балдарга.
Курдаштарым, замандаштар,

Бирге туулган досторум,
Кайратыңдан жазбадыңар
Агарса да кара чачтар.

Силер куруп өз доорунду
Силер куруп жаңырттың.
Өмүр берип өз коомуңду
Өргө жолду салыштың.

Замандаштар, курдаштар,
Көбүң барсың, көбүң жок.
Эмгегинди айтсам баарын
Өмүр үчүн көңүл ток.

Силер кылган улуу эмгек,
Унутулбас кылымга
Үшүп-тердеп, уйку көрбөс
Элесиңер ырымда.

## АЧЫК ТҮН

Кең талаа, асман ачык — жылдыз толгон,
Көк жээкке көз жүгүртсөм жылдыз коргон.
Кол менен кармап алып ойногондой
Жайнаган, жымыңдашып жерге конгон.

Алгалап көк жээк көздөй ылдам бассам,
Жылдыздар жан киргендей менден качкан.
Карачы кандай сонун түн ичинде
Жылдыздар жымыңдашып жерде жаткан.
Ар бирин кармап алам деп жүргөндө
Агарып чыгыш жактан таң да аткан.

## ЧАРТЫЛДАСА ЧАГЫЛГАН

Ар кыл тоо жер бетинде — жапыс, бийик,
Асмандан аалам көзү — күнү тийип.
Өпкүлөйт, кучакташат, сайрандашат
Булактай бузулбаган булут сүйүп.

Жамгырда айланат ал ташты жарып,
Чөп чыгат, гүлү кызыл оттой жанып.
Чагылган чартылдаса жай келгени
Чөбү жок чөлдүн дагы мооку канып.

## ЭТЮД

Жашыл майдан, булак күлөт,
Көтөрүлөт өйдөлөп.
Күн өзүнчө батып барат
Кочкул кызыл дөңгөлөк.
Жөргөмүштөр торун жаят
Каршы-терши жөргөлөп.
Ак калпактуу Ала-Тоодон
Сайран, салкын жел келет.
Терек учу, кызык ушу
Жаш баланын бешигиндей
Жагалданып термелет.

## КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫК КӨЛДӨРҮ

Көйкөлүп жаткан көк көлүм
Сүрөттөп сүйлөйт өткөнүн.
Толкуну тоодой чарпылат,
Бирине бири артылат.

Көлдөрдүн кызык турмушу,
Ысык-Көл көлдүн жылдызы.
Сары-Челек саймалуу
Чоң Чаткалдын бир кызы.

Чатыр-Көл тоонун башында,
Агы жок жашыл чачында.
Көөдөнүн бийик көтөргөн
Өзүнчө эне баатыр да.

Соң-Көлүм тоонун кырында,
Бул дагы сулуу чынында.
Кайыгын минсе чөбүрөм
Кайталанып ырымда.

Кыргыздын кызык көлдөрү,
Планетамдын мөлмөлү.
Далайлар келип жатпайбы
Даңкын угуп көргөнү.

## МЕНИН ШААРЫМ

Менин шаарым жалаң гүлдөн бүткөндөй,
Күндө шаңдуу, күндө конок күткөндөй.
Көңүл ачып тазаланып күн сайын
Тунук турган Ысык-Көлгө түшкөндөй.

Менин шаарым кабагы ачык күлүңдөп,
Күндө жаңы, күндө өскөн дүрүлдөп.
Ала-Тоонун согуп турган жүрөгү
Фрунземди ким көрсө да сүйүнмөк.

## БАРЫП КАЛСАМ

Бир кезде тиккен биздин бак,
Дүркүрөп өсүп жетиптир.
Кулач жайып туш-тушка,
Бутагы алыс кетиптир.

Жер жайнаган жемиши,
Ар бир үйдүн коногу.
Көзүм өтүп баратат
Көркөмдөгөн короону.

Барып калсам киргизбейт,
Чоочунсуң деп карыя.
Ээ-жаа бербей шарпылдайт
Сөз угузбай дарыя.

## ЖАШТАР МЕНЕН ЫРЛАРЫМ

Сагынбаймын эмнегедир жаштыкты,
Кайта кел — деп, жалдырабайм тилебейм.
Катып койгом жаштык деген ачкычты
Жүрөгүмдө, камчыланып сүрөбөйм.

Келет жылдар басып өтөм, адашпайм,
Көргөм далай мөлтүр башат жыргалын,
Бирөөлөргө жаштык бер деп, талашпайм
Жаштар менен сыбызгыган ырларым.

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## ТАБА КЕЛ

Чолпон жылдыз асмандан
Сүйлөп калды тил бүтүп:
— Суранамын жаштардан,
Турам көктө ыр күтүп.

Анда акын акырын:
— Ардагысың асмандын,
Менин ырым жашыруун
Жүрөгүндө жаштардын.

Уккуң келсе ырымды,
Айды ээрчитип ала кел.
Билгиң келсе чынымды
Кыздарыңан таба кел.

Таң атканча ойнойбуз,
Таап алганча ак чөлмөк.
Таанышабыз тойлойбуз
Кыздар сага гүл бермек.

## КЕЛЧИ ТЕЗ

Жан жыргаткан жакшы сөз
Май келгени жакшы кез.
Күтүп алсам өзүңдү
Бак ичинде бүгүн кеч.

Жан жыргатат эркелеп,
Өзүң келсең эртелеп.
Бизди көрүп кубансын
Күбөө болуп көк терек.

Асмандагы ай күлсө,
Гүл аралаш май күлсө.
Жан жыргатат жакшы сөз
Куттукташып эл билсе.

Окуп берсем ырымды,
Айтсаң секет чыныңды,
Жашырбастан жаракөр
Жүрөктөгү сырыңды.

Мезгил жетти, күн келди,
Бойго жеткен экөөбүз.

Гүлгө оронуп күлүңдөп
Биздин жаштык көчөбүз.

Энем, атам кубансын,
Жаңы келин келди деп.
Кайнатам да, кайненем
Ушул күндү белгилеп.

Жан жыргаткан жакшы сөз,
Жагалданып келчи тез.
Той өткөрүп үйлөнүп,
Толкундоочу ушул кез.

11—469

## ЖҮРӨК СЫРЫ

Башымды койсом төшүңө,
Жүрөгүң ырдап жаткансыйт.
Бир жерде жалгыз тура албай
Оңго, солго баскансыйт.
Тоо жактан аккан сел болуп
Токтоо бербей шашкансыйт.
Жарышка салган күлүктөй
Мөрөйдү көздөй шашкансыйт.
Ажайып сүйүүм сенсиң деп
Жүрөгүң сырын айткансыйт.

## ТИЛЕК

Күн нурунан көйнөк тик,
Жетпесе жеңин Айдан ал
Топчуларын жылдыздан
Өз колуң менен тандап ал.

Жип керек болсо эшип ал,
Тамырымдан, жүлүндөн.
Сүйгөнүмдү сезип ал
Жүрөк толо гүлүмдөн.

Ошондо мен кубанам,
Көйнөгүңдү көргөндө.
Эргип кетем, уялам
Гүлүмдү сага бергенде.

## КОШ АЛМАДАЙ

Бир сулуу кыз жүрөгүмдү сатам дейт,
Акча бербей бекер гана алганга.
Ала албасаң алыс жакка качам дейт
Айылдагы теңтуш ойноок балдарга.

Анда жигит жорго минип кулүндөп,
Мен аламын жүрөк берем сүйүн деп.
Эки жүрөк бир бирине «сатылып»
Кош алмадай бир бутакта түйүлмөк.

Чынын айтсам так ошондой болуптур,
Бак-шагына булбул келип конуптур.
Куттукташып күнү-түнү эл келип
Төрөлө элек балага ат коюптур.

## КОШУЛСУН

Келчи менин багыма,
Олтурчу бир аз жаныма.
Алмадан кагып берейин,
Бүлдүркөндөн терейин,
Кан кошулсун каныңа.

Гүлүмдү иске арала,
Жыпарын чачкан талаага.
Шабдаалы үзүп берейин
Шагынан тандап терейин,
Кир жугузбай санаага.

Багымдын ичи көлөкө,
Күз келген кези береке.
Мөлтүрөк жүзүм даамын тат,
Көпөлөк учат көңүл шат
Жүрөктү сунам белекке.

Келчи өстүргөн багыма,
Олтурчу бир аз жаныма,
Гүлдөн төшөк салайын,
Алчадан мончок тагайын
Кошулсун сүйүү каныма.

## ТӨРӨЛҮП

Короомдо жийде гүл ачты,
Аябады бүр чачты.
Кызым болсо кызарып
Үйдө олтуруп ыр жазды.

Жазганын окуп берген жок,
Артында турам көргөн жок.
Жайылган кундуз чачтарын
Күндөгүдөй өргөн жок.

Жазып жатты ойлонуп,
Ыр саптары көбөйүп.
Жаз келгени кызык го
Жаңы сапат төрөлүп.

## КЫЗДЫН АМАЛЫ

Сен сүйдү элең сулуу болуп баратам,
Башкачамын таш күзгүдөн карасам.
Өзүмдү өзүм өйдөлөтөм көтөрөм,
Кайда барат канаты жок таразам.

Сен сүйдү элең куса боло баштадым,
Келчи жигит башкалардай качпагын.
Келечегим эки көзгө көрүндү
Кана жолду өзүң гана баштагын.

— Эмне кылам ата-энеңдин айтканын,
Өзүң сүйлөш өйдө ылдыйын тактагын.
Жорго мингиз, калың төлө, уй бер — дейт,
Ошон үчүн ойлоп жатам шашпадым.

Чынын айтсам сүйүү менин калыңым,
Жүрөктөгү күйүп турган жалыным.
Жоргом да жок, байлыгым жок, уюм жок
Сүйөм сени сүйүү гана айыбым.

Кеттик — деди, сулуу жолду баштады,
Ата-энеси кызын издеп таппады.
Сүйүү келди шаардагы бир үйгө
Күлүмсүрөйт гүлкайырдын аппагы.

## АЛЫП КЕТЕТ

Туман басып асманды,
Бирин серин жаш тамды.
Күндүн көзү көрүнбөй
Күн батаарга аз калды.

Туман кетти заматта,
Тоодон келген жел айдап.
Биздин клуб тарапта
Асан жүрөт бел байлап.

## КЫЗДЫН ЫРЫ УГУЛАТ

Дабыш чыкса, кулак укса
Секунд келет зымырап.
Чер жазайын тынчтык бузба
Жамгыр төктү дыбырап.
Аба ырайы болуп нуска
Бир заматта кубулат.
Жаратылыш жандуу уста,
Булут тоого бурулат,
Жел желпинип жолу кыска
Чөлгө жетип тыныгат.
Күн нурларын бетке сүйкөп
Кыздын ыры угулат.

## ШҮҮДҮРҮМДҮН МОНЧОГУ

Гүлдөр сени күнөөлөбөйм,
Ачыла бер ар үйдө.
Тереземде, көчөмдө,
Кубандырып эңсегенди
Жыпар жытың мас кылсын.
Жаңы келген келиндей,
Байбичени жаш кылсын.

Узартайын өмүрүңдү,
Мен да сенден терейин.
Таап алып мага теңди,
Белек кылып берейин.
Ачылган гүл — жапжаш келин,
Таң алдында күн нуру.
Шүүдүрүмдөн мончогу
Эркелеген кыз сулуу.

## ӨЧҮРДҮ

Кандай десең андай де,
Солкулдаган талдай де,
Сөлбүрөгөн чалдай де
Сага оюмду айта албайм.
Мен да адаммын,
Мен да жанмын
Ачуум келип шайтандайм,
Өзүмдү өзүм кайтарбайм.
Айта албасмын сөзүмдү,
Аяймын өзүңдү
Сынаймын
Байка, өзүң байкап көр,
Кайда барар көчүңдү
Менде болгон сезимди.
Билип койдум оюңду,
Көргөнүмдө көзүңдү.
Үйгө кирди чоң энең
Чымырады бүт денем,
Оюбузду башка жакка көчүрдү.
Айта албаган сөздөрүңдү,
Күйүп турган чыракты
Шаштырды да
Шамал келип өчүрдү.

## БИР ЗАМАТТА

Кыш кычырап келген кези күчүнө,
Бара жаттым эрте туруп ишиме.
Көрүп калдым салам айтты бир келин,
Көрбөсөм да кирип жүргөн түшүмө.

Бир заматта көчө жазга айланып,
Май келгендей боло түштү шанданып.
Күлүп коюп, өтүп кетти ал келин
Туруп калдым өзүмө өзүм алданып.

Турмуш тунук өзгөрүлгөн заматта,
Кез келгенде жыпар гүлүн тагат да.
Бир жыттатып, тамшандырып өзүңдү
Кайра колдон дароо тартып алат да.

## БИРГЕ ЖҮРСӨК

Сен мени тааныйбайсың
Тааныштайсың,
Мен көргөн сулуулардан калышпайсың.
Жүрөктү сүйүнткөндөй көз карашың
Көрбөгөн, мен билбеген жарыктайсың,
Жүрөгүң тунук булак туйлап аккан
Кадимки жомоктогу балыктайсың.

Сени мен таанnetwork
Тааныштайсың,
Билбейсиң башкалардай сыйлабайсың.
Жарашат көз карашың гүлдөр чачат
Караймын ырым карайт сындабайсың.
Мейли эле жүрөгүмдү берээр элем
Аны сен сурабайсың, кыйнабайсың.

Жаздым ыр андан башка амалым жок,
Тиктеймин башкаларды карагым жок.
Ыр болуп көрүнөсүң, төгүлөсүң
Сен үчүн эч нерсени аягым жок.
Ат минип Ала-Тоодо бирге жүрсөк
Ашыкмын,
Андан башка талабым жок.

## АРДАКТА ДА, СЫЙЛАЙ БИЛ

Сүйүү өзүнчө айтыла элек жомоктой,
Келип кетет чакырылбас коноктой.
Ал мен болсом жүрө берет экенмин
Баш аягын байкабастан тоготпой.

Жаңы эле жаап, эрип кеткен ак кардай,
Жүрөгүндө түгөнбөгөн так бардай.
Тоголонуп тоо бетинен өрөнгө
Тунук булак сыйлап, ырдап аккандай.

Кар кеткенде байчечекей гүлүндөй,
Келип кетет байкабаска билинбей.
Колдон келсе амалын таап сактап кал
Көргөндө эле көтөрүлүп сүйүнбөй.

Жаз келгенде чабалекей учкандай,
Ойлогон ой чексиздерге сызгандай.
Кадырлагын, качырбастан кармап кал
Калдактабай, кашаңданбай, кызганбай.

Жайнап жаткан жайлоодогу кызыл гүл,
Ар биринин атын бил да, жытын бил.

Сүйүү деген сүйлөп жаткан сөз эмес
Келип калса кетирбестен кутун бил.

Амалын таап ардакта да, сыйлап ал,
Кум сыяктуу чачылбасын, жыйнап ал.
Колго тийбей, жүрөгүңө күч келсе
Кучактап өп, керек кезде ырдап ал.

## ЖАҢЫРЫП

Бийик асман жылдыздарын тагынып,
Түнү ойнодук ай шооласын жамынып.
Таң атканча ирмебедим кирпикти
Кара көздү калыптырмын сагынып.
Түгөнбөдү, сөзгө сөздөр кошулду
Ыр, жомоктор кезек күтүп табылып.
Бирге ырдап, бирге обон созгондо
Биз турган жер күүгө келди жаңырып.

## САЛАМ АЙТЫП

Кыз көрдүм сулуулугу күндөн ашкан,
Көргөндө кубангандан жүрөк ташкан.
Жаркырап жаш сулуу кыз жылмайганда
Жаадырап кошо күлдү ачык асман.

Гүл күлдү, дарыялар, суулар күлдү,
Көлдөгү сүзүп жүргөн куулар күлдү.
Сулууга суктангансып, салам айтып
Ак кайың жапырылып башын ийди.

Кыз дагы көл жээгине күлүп барды,
Кыландап тунук сууга колун салды.
Пейли кең Ысык-Көлүм көпкө тиктеп
Ал кызга ашык болду — тунуп калды.

## МЕН АШЫКМЫН

Түн ортосу,
    Төшөгүмдөн ойгонсом,
Ай жарыгы
    Терезеңден тийиптир.
Өз эркинче эркелетип кучактап
Жылмайыптыр,
    Кубаныптыр, күлүптүр.
Ашык болуп жигитти кыз өпкөндөй
Уктап жатсаң оң бетиңден сүйүптүр.
Ичим күйдү
    Айды тостум кызгандым,
Мен ашыкмын,
    Мен ашыкмын билип жүр.

## КАБАР ЖЕТТИ

Саатка жазды менин атымды,
Окуп билдим сенин катыңды.
Колуңду кармап өбөйүн десем
Чертилбестен эшик ачылды.

Бизди көрдү кайра кетти,
Үй-үйлөргө кабар жетти.
Уят иш деп, күлкү аралаш
Жаш жаркыным жашын төктү.

## ЖИГИТТИН ЖҮРӨГҮ ЫСЫК

Баратсам аралап бакты,
Ай алтынын чачты.
Аяз күмүштөн седеп
Айлуу түн адырга такты.

Кыш кыңылдап ырдайт,
Кычырап чилдеси тынбайт.
Ак көрпө жамынып арча
Ак кыздын шыбырын тыңдайт.

Жигиттин жүрөгү ысык,
Сүйүүнүн тилеги кызык.
— Муз берчи өз колуң менен
Мен кеттим күйгөндөй ысып.

Шаңк этип жигити күлөт,
Кучактап сулууну сүйөт.
Чопулдап эринге эрин
Ай жарык ашыгып тиет.

Анда арча кулагын салат,
Кубанып кумары канат.
Эркелейт сулуу кучакка кирип
Калыпмын мен да жалдырап карап.

## АКАКТАЙ ТАЗА ЖАШСЫҢ ДА

Ачыла элек китептей,
Айта элексиң сырыңды.
Күйбөс оттой түтөтпөй
Күлүп айтчы чыныңды

Жазылбаган кат сымак,
Жашырбачы жолуңду.
Жатасыңбы же сынап
Жаттайын деп оюмду.

Менин оюм ачык күн
Чачып койгон нурларын.
Көөдөнүмдө болбойт түн,
Көп катуулук кылбагын.

Кыздын эмес таштын да
Дүкүлдөткөм жүрөгүн.
Акактай таза жашсың да
Оп тартып алды илбебиң.

## ЖЕРГЕ ТИЙДИ ЖАНЧЫЛЫП

Келинчек алма жыттанып,
Жанында жигит ыкталып,
Карап турам кантейин
Жаштыкка жаным суктанып.
Жигиттик өттү согушта,
Ичимде толгон бук калып.
Ок жыттанган окопто
Олтуруп алып уктадык.

Алма топ-топ түйүлүп,
Алар да карайт үңүлүп.
Кучактайт кырчын бозойду
Кубанып келин сүйүнүп.
Жаңыдан тиккен кайыңдай
Жагалданып ийилип.
Мен жүргөм мындай кезимде
Шинелимди күбүнүп.

Адаштырбай ай чыгып,
Олтурам мен да жайчылык.
Эркелетип жел жүрүп

Кыймылга кирип тал чыбык.
Үзүлүп алма түштү эле
Жерге тийди жанчылып.
Мен жаткам мындай кезимде
Жарадар болуп кан чыгып.

## ЖЕТЕ АЛБАДЫК

Гүлдөргө жан кирип,
Көз уялткан түркүн түс.
Үзүп алды бир сулуу
Учту гүлдөр туш-тушка
Кээ бирөөлөр көкөлөп,
Байкаштырсам гүл окшош
Сансыз калкан көпөлөк.
Куудук кечке чарчадык
Жете албадык экөөлөп.

## КЕЛСЕҢЧИ

Ай чыкканда кошо чыгып
Жолду тоссом келсеңчи.
Таң атканча сени күттүм,
Таңдан салам берсеңчи.

Шүүдүрүмгө жуунат денем,
Шөлбүрөтпөй келсеңчи
Сыласын деп жел бетинди
Сыйлаган ким көрсөңчү?

Таң алдында куштар ырдайт,
Таалай болуп келсеңчи.
Тамылжыган күн нурунан
Энчи кылып бөлсөңчү.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Көз уялткан көк майдан,
Көлдөлөңдөй бетеге.
Табыйгатта жаз майрам
Башкача бүгүн сезем, ээ.

Ушул жерден адашпай,
Ушунда гана жүрсөм, ээ.
Башкалар менен жанашпай
Бактыгүл менен күлсөм, ээ.

Жаратылыш жардамдаш,
Ар дайым болсоң ушундай.
Болбос эле тайрандаш
Жөнү жок жерден бузулмай.

Жайнасын жаздын майрамы,
Торгойго үнүң кошулуп.
Бактүгүл келди жайдары
Гүлдөн гүл карайт озунуп.

А мен болсом сөзүм жок,
Толкундап кеттим өзүмчө.

Кучактап өптүм куунак, шок
Табыйгаттын көзүнчө.

Бактыгүл болсо уялды,
Эки бетин нур чалып,
Бетеге, гүлдөр кубанды
Ийнелик учпай тынч алып.

Табыйгат, жигит, сулуу кыз,
Таза аба, булак, жыпар жыт...
Сүйүүнүн сүйкүм кулубуз
Улуу жер бизге болсун кут.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү менин үйүмдө, бак ичинде,
Гүл аралаш күлүңдөйт терезөмдө.
Күндө жазган ырымда, жүрөгүмдө,
Наристедей ал таза тилегимде.
Чын сүйүүнү көзүң менен көргүң келсе
Кыздардын кызгылт тарткан ирецинде.

## КӨПТҮ ҮЙРӨНДҮМ

Көптү үйрөндүм ачык күндөн,
Кыштан, жаздан башкадан.
Жылдызы көп айлуу түндөн
Токчулук жана ачкадан.

Көптү үйрөндүм керме тоодон,
Өзүм өскөн жеримден.
Кар жамынган терең коодон
Какшык айткан келинден.

## ТОСТ КӨТӨРӨМ

Көтөргөм тосту сен үчүн,
Сен басып жүргөн жер үчүн.
Секелек кызды чоңойткон
Сергек өскөн эл үчүн!

Көтөрөм тосту күн үчүн,
Сүйүүмдү кошкон түн үчүн.
Колуңдан алып жыттагам
Белегиң кызыл гүл үчүн!

Көтөрөм тосту кубанам,
Өзүңдөн бир сөз суранам.
Өмүргө шерик болдуңбу
Ишке ашып берген убадаң.

Анда кыз күлүп акырын,
Айтайын сөздү жашырын.
Дүйнөдө жалгыз бир өзүң
Жүрөгүмө жакыным.

Көтөрдүм тосту кайталап,
Жүрөгүм ачык айта алат.
Мөлтүрөгөн көзүңдөн
Нур чачырап от жанат.

## КӨРҮПТҮРМҮН ТҮШҮМӨН

Сөлөкөтүң көрүндү,
Роза гүлүнүн ичинен.
Бир заматта жоготтум
Белгилүү жердин жүзүнөн.
Асманга учуп кеттиңби
Кайдасың, качан түшүнөм.
Ойгонуп кетсем мен чочуп
Көрүптүрмүн түшүмөн.

## КЕТИП КАЛДЫМ

Келдим азыр издеп жүрүп таптым сени,
Ушул үйдө жашайт экен жүрөк теңи.
Аччы эшикти көп тургузбай жалдыратып
Аз болсо да аячы сүйсөң мени.

Дабыш чыкпайт башка жакка көчкөнбү дейм,
Такыр мага көрүнбөстөн өткөнбү дейм.
Же болбосо мен алыста жүргөн кезде
Жалыны алоолонбой өчкөнбү дейм.

Ачып койчу мен кирейин үйүңүзгө,
Гүл коёюн окшоштуруп гүлүңүзгө.
Жүрөк сырын өзүңө ачып берип
Көмөктөшсөм туптунук сүйүүбүзгө.

Деп сөзүмдү бүтө электе бирөө келди,
Тааныбайм, келген жигит колун берди.
«Кириңиз ачкыч менде күткөнүң ким,
Бул үйдө көптөн бери жашайм» деди.

Ал үйдөн мен тааныган сүрөт көрдүм,
Карадым кадырладым көңүл бөлдүм.

Үйүндө үнсүз, сөзсүз олтурганда
Эшиктен сүрөт ээси кирип келдиң.

Карадың, калтырадың, тиктеп калдың,
От болуп жүрөк жалын күйүп жандың.
Коштошуп өзүң менен жигит менен
Унчукпай, сыр билгизбей кетип калдым.

## СЕН КӨРҮНБӨЙ КАЛГАНДА

Сен өткөндө көчөмдөн,
Гүлдөр башын ийүүчү.
Жасанышып бак-дарак
Жагалмайдай сүйүүчү.
Үзүп ал деп, гүлкайыр
Бир өзүңдү билүүчү.

Сен көрүнбөй калганга,
Гүлдөр дагы ийилбейт.
Бапырайган бак дарак
Баягыдай кийинбейт,
Күлүп турчу Гүлкайыр
Кайда экени билинбейт.

## АППАК КЕЛИН, АК КЕЛИН.

Кирип келдим аппак үйгө ийменбей,
Ак дасторкон даяр болду билгендей.
Түркүн жемиш, жаңы бышкан аппак нан
Үйдүн ичи күндүн нуру тийгендей.

Аппак келин суудан куйду колума,
Курак төшөк гүл салгандай жолума.
Оймо-чийме чебер колдон бүтүптүр
Энем түштү эмнегедир оюма.

—Кана эмесе ысык чайга караңыз,
Шаарга кеткен сиз издеген кара кыз.
Керек болсо Сейилканды мектептен
Ал сабакта барсак эле табабыз.

Бул келиндин көркөм жүрүш турушу,
Бак-таалайы ушул үйдүн ырысы.
Азем экен айтсам ар бир кыймылы
Өзүнө окшойт колунда аппак чынысы.

Ким көрсө да ашык боло тургандай,
Периште өзү чайды өзүңө сунгандай.

**Сүйүүлөрдүн булак сымак тазасын**
**Ушул үйгө жик билгизбей жыйгандай.**

**Сүйлөп койсо жүрөгүңдү эзгендей,**
**Күлүп койсо колуң көккө жеткендей.**
**Капелестен кадырласа өзүңдү**
**Жүрө албайсың өмүр бою эскербей.**

## УЗАТМАК

Жаздын гүлү кошо келди,
Күндүн нурун кучактап.
Жаш өмүргө сүйүү берди,
Жамгыр төгөт бышактап.
Жаркын жазды мен куштай
Койгум келет тузактап.
Тийбейм жазга,
Койбосун деп ушактап.
Сүйүп алдым,
Коштошкондо жазым менен
Өөп, жыттадым, кучактап.
Ал акыркы өмүрүн
Жайга берип узатмак.

## МАЗМУНУ

Силерсиңер . . . . . . . . . . 3
Бала . . . . . . . . . . . 4
Аялдар . . . . . . . . . . 5
Жакшылык . . . . . . . . . 6
Окуй берем, үйрөнөм . . . . . . 7
Өмүр гүлүм . . . . . . . . . 9
Алматынын башында . . . . . . 10
Курдаштарым . . . . . . . . 11
Нурек . . . . . . . . . . 15
Акын болуп . . . . . . . . 17
Үзбөйм гүлдү . . . . . . . 18
Өмүр бою ырдап келем . . . . . 19
Элиң сыйлайт . . . . . . . 26
Жашыл жолдон өтөм, ээ . . . . 28
Байкагыла, ойлогула баарыңар . . . 29
Темиркулга . . . . . . . . 32
Сокулуктун Сороң-Таш . . . . . 33
Гүлчө . . . . . . . . . . 35
Тоо гүлдөрү . . . . . . . . 45
Чоң ата менен небере . . . . . 47
Унутпайбыз эч качан . . . . . 50

Сүйүнбайга . . . . . . . . . . 58
Эсеп берсең . . . . . . . . . 59
Балам менин чабандес . . . . . . 62
Селкинчек . . . . . . . . . 64
Сахнасы Аркыттын . . . . . . 66
Адам . . . . . . . . . . . 68
Жыргал да . . . . . . . . . 69
Төрт ыр . . . . . . . . . . 70
Жай жылымдын нур кызы . . . . . 78
Айылдын таңы атканда . . . . . . 103
Биздин боз үй чокуда . . . . . . 104
Белек кылам кызыма . . . . . . 108
Бир шаардын кыска тарыхы . . . . 110
Сибирде . . . . . . . . . . 122
Баратсам . . . . . . . . . . 123
Мен көрдүм селдин чыкканын . . . 125
Күчүн көр . . . . . . . . . 126
Согуштун каары . . . . . . . 127
Жол боюнда чайхана . . . . . . 129
Турмуш деген ушундай . . . . . 131
Ала-Тоонун сакалындай . . . . . 133
Куса болом сагынып . . . . . . 134
Сабак болду . . . . . . . . . 135
Эмнеге шашам . . . . . . . . 137
Шырдак . . . . . . . . . . 138
Жалбыз . . . . . . . . . . 139
Бакир аке . . . . . . . . . 140
Күн нуру. . . . . . . . . . 141
Деги кызык . . . . . . . . . 142
Жамгыр сүйөм . . . . . . . . 143
Ыр . . . . . . . . . . . . 144
Таптаза, кардай аппак . . . . . . 145

«Адам кайра төрөлөт» . . . . . . 146
Эстегем . . . . . . . . . . 147
Той өткөрүп, ат койсун . . . . . . 148
Каз-катарга тургула . . . . . . . 150
Ачык түн . . . . . . . . . . 152
Чартылдаса чагылган . . . . . . 153
Этюд . . . . . . . . . . 154
Кыргыздын кызык көлдөрү . . . . . 155
Менин шаарым . . . . . . . . 156
Барып калсам . . . . . . . . 157
Жаштар менен ырларым . . . . . . 158
Таба кел . . . . . . . . . 159
Келчи тез . . . . . . . . . 160
Жүрөк сыры . . . . . . . . 162
Тилек . . . . . . . . . . 163
Кош алмадай . . . . . . . . 164
Кошулсун . . . . . . . . . 165
Төрөлүп . . . . . . . . . 166
Кыздын амалы . . . . . . . . 167
Алып кетет . . . . . . . . . 167
Кыздын ыры угулат . . . . . . . 169
Шүүдүрүмдүн мончогу . . . . . . 170
Өчүрдү . . . . . . . . . . 171
Бир заматта . . . . . . . . . 172
Бирге жүрсөк . . . . . . . . 173
Ардакта да, сыйлай бил . . . . . . 174
Жаңырып . . . . . . . . . 176
Салам айтам . . . . . . . . . 177
Мен ашыкмын . . . . . . . . 178
Кабар жетти . . . . . . . . . 179
Жигиттин жүрөгү ысып . . . . . . 180
Акактай таза жашсың да . . . . . . 181

Жерге тийди жанчылып . . . . . 182
Жете албадык . . . . . . . . 184
Келсеңчи . . . . . . . . 185
Кыргыз жери . . . . . . . 186
Сүйүү . . . . . . . . . 188
Көптү үйрөндүм . . . . . . . 189
Тост көтөрөм . . . . . . . 190
Көрүптүрмүн түшүмөн . . . . . 191
Кетип калдым . . . . . . . 192
Сен көрүнбөй калганда . . . . . 194
Аппак келин, ак келин . . . . . 195
Узатмак . . . . . . . . 197

**Жангазиев Муса.**

**Ж 27** Өмүр гүлүм: Ырлар. — Ф.: Кыргызстан, 1980 — 204 бет.

Акын Муса Жангазиевдин жаңы ырлар жыйнагынын негизин Ата журтту, эл-жерди сүйүү сезими түзөт. Адамдын гуманизми жыйнактын борбордук темаларынан.

Ж $\frac{70403-18}{М\ 451(17)-80}$ 175.80.4702280200

С/Кирг/2
ББК 84 Ки7

*Муса Жангазиев*

ЦВЕТЫ МОЕЙ ЖИЗНИ

СТИХИ

*(На киргизском языке)*

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *И. Исаков*
Редактору *Ү. Касыбеков*
Көрк. редактору *И. Ф. Бульба*
Тех. редактору *Р. Я. Ревенко*
Корректору *С. Бекжанова*

ИБ № 1322

Терүүгө 20. 9. 1979-ж. берилди. Басууга 9. 2. 1980-ж. кол коюлду. Д—00075. Кагазы типографская 1. Мектеп ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $84 \times 108^1/_{64}$ 3,188 физ. басма табак. 5,356 шарттуу басма табак, 5,12 учёттук табак. Тиражы 1000. Заказ № 469. Цена 75 т.

«Кыргызстан» басмасы, 1980
720737, ГСП, Фрунзе шаары Совет көчөсү, 170.
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.